КЫЯЛБЕК
АКМАТОВ





# АК ТАЙЛАК

Ош, 2008

КЫЯЛБЕК АКМАТОВ

Кыргыз Республикасы
Ош шаары
"Эмил-Шер"
коомдук фонду
"Emil-Sher"
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ГОРОД ОШ
ОБЩЕСТВЕННЫЙ ФОНД
"Эмил-Шер"
ИНН 02803200810018
« » 20 г.
№



# ЭРДИК ЭҢСЕГЕН АКТАЙЛАК

14224

УДК 375.7
ББК 7526
А 97

Китеп «Эмил-Шер» коомдук фондунун төрагасы
Аваз Шерматовдун демилгеси менен жарыкка чыкты

А 97 **Акматов Кыялбек**
**Эрдик эңсеген Актайлак**
(Даректүү повесть). – Ош, 2008. – 68 б.

ISBN 470-88-55-04-565-3

Бул китепте Москва шаарында иштеп жүрүп өзүнүн бир мекендешин куткарып, экинчисин куткарууда кайтыш болгон Эмилдин балалык чагы жана башынан өткөн окуялары атасынын (Аваз Шерматовдун) айтып бергендеринин, сот иликтөөсүнүн далилдеринин негизинде көркөмдөлүп баяндалды жана башкы каармандын тегерегиндеги айрым адамдардын аты-жөнү өзгөртүлүп, турмуштагы ар түрдүү ооош-кыйыш тагдырларга орун берилди.

А 4507010000-08
УДК 375.7
ББК 7526
ISBN 470-88-55-04-565-3

Акматов К., 2008

## Бозбунун боздогон ак тайлагынын баяны, же китепке башсөз ордуна

Колуңуздардагы китеп Кыялбек Акматовдун адабий чыгарма жазуудагы алгачкы кадамы. Колжазманы көрүп мен өзүмө бул Кыялбек мурда илимий-методикалык макалаларды, усулдук колдонмолорду, адабият жана адеп боюнча окуу китептерин жазчу эле, неге көркөм чыгарма жазууга киришти экен деген суроо койдум. Көрсө, аны тагдыр жаздырыптыр. Бир адамдын тагдыры. Ар бир адам бир тоо, бир жылдыз, бир дүйнө… дешет, Кыялбектин жүрөгүн ошол бир тоо, бир жылдыз, бир дүйнө… дүрбөлөңгө түшүрүптүр, компьютердин тамгаларын терүүгө отурууга аргасыз кылыптыр.

Кыргызстан эгемендүүлүк алганы Орусияга, Казакстанга канча бир жарандарыбыз кетип, алардын укугу тебелинип, тагдыры талкаланып, Алатоо аймагына, үмүттүү караган ата-энесинин, балдарынын, туугандарынын алдына «200-жүк» болуп келгенин мен «Замандаш» журналында иштеп жүрүп жакшы билип калдым. Алардын көбүнүн тагдыры да, таржымалы да окшош: мектепти бүтүү, достору же туугандары менен кошулуп эмгек мигранты же челнокчу болуп алыска кетүү, анан ар кандай жагдайларда, көбүнчө ачылбаган кырдаалдарда өлүмгө кириптер болуу.

Кыялбектин каарманы болсо эрдик кылды, кадимкидей баатырдыкка барды. Билбейм, турмушта мен Эмилди көрдүмбү, көрбөдүмбү, билбейм, элестете албайм, бирок бул даректүү чыгарма менен таанышкан соң Эмил менин да уулум сыяктуу, бир боорум сыяктуу жакын болуп калды…

Автор баянында мейли Сыны кыштагынын тарыхына кайрылабы, Бозбу тоонун Аксы аймагындагы айтылуу метеорологиялык кызматы тууралуу баяндайбы, Актонду-Көктонду уламышын ортого салабы, Айкан кемпирдин башынан кечирген Тагай бий жана анын уулунун баянын кошобу, Итемер кемпирдин темирдей

кайратын көрсөтөбү, ушулардын баары элдик таалим тарбияда чоңойгон Эмилдин терең тамырлары кайда экендигинен кабар берет…

Эмилдин тагдыры… Эмне дейбиз?.. «Ширеңкенин чийи бир жангандай», «Асманды тилип өткөн чагылгандын жарыгындай», «Наристенин бир жолку таза күлкүсүндөй», «Агып өткөн шар суунун алаканга сузуп калган бир ууртамындай»... Айта берсе салыштыруу чексиз кете берет… Эми ошол кыска, армандуу, азаптуу тагдыр-өмүр тууралуу жазуу да, башкарларга айтып жеткирүү да кыйын, а түгүл мүмкүн эмес. Бирок кол куушуруп отуруп калганда болбойт, кийинки адамдар ушул Эмилге окшогон эрдикке барган замандаштарыбыздан үлгү алышы керек.

Китептин маани-маңызы ошондо, ал тилек канчалык ишке ашканын окурмандар өздөрү таразалап көрөр…

Эмилдин эми китептеги тагдыры башталды. Анысы ылайым узун болсун…

**Абдыкерим Муратов**

# ЭРДИК ЭҢСЕГЕН АКТАЙЛАК
## (Даректүү повесть)

Карачач уйкудан шайдоот ойгонду. Эмнегедир денеси талыкшып, ичи ылдыйлап төрөттүн белгилери байкалып калыптыр. Үч баланы төрөп, өстүрүп бала болуунун түйшүгүнө каныгып калса да чочулап турду. Бир эле өмүрлүк жолдошунун сапарда экендиги, жанында болгондо үйрүлүп түшүп, көзүнүн агы менен тең айланып, мүнөтүнө алда нечен ирет абалын сурап, тынчсызданып турмак. «Толготуп жаткан аялдын жанында күйөөсү турса төрөтү жеңил болот» деген сөз да бекеринен айтылбаптыр. Бул кептин төркүнүнө Карачач үч баласын төрөгөндө жетиптирби...

Ал да, санаачыл ойлору алда кайда закымдап кетет.

«Кантти экен? Эки айдан бери жүзүн көрө элекпиз. Пешенесинин ыкыбалына аман болуп, кудайым башын таштан жаратса экен. Оорубаса экен... Мен кантем... Мен күйүп, балдарчы... Тү-тү, кудай сактасын. Жаман ойлобоочу. Канткен менен адам баласынын өмүрү жараткандын колунда да, кандай кылат, качан алат, канча өмүр берет өз эрки. «Зарым бар да, зорум жок» деген [illegible] ушул да! - мына ушундай түйшүктүү ойлор менен ал алпурушуп кетти. Каш кабактын ортосунда кырсыкка учурап эки ай мурун борборго (Бишкек) ооруканада жаткан жолдошу Алмаздын камын жеп, жараткандан күнү түн бир оокумга чейин уктабастан өмүр тилейт. Ден соолук сурайт. Бирге өткөргөн бактылуу күндөрү көз алдына алда нечен ирет тартылат.

Ойго чөгүп отуруп демдеп жаткан чайы чайнектен ашып кеткенин байкабай да калды. Балдары дасторкон четине тегерене олтурушуп, жаңы тартылган каймакка нанды матыра жеп, чоң энеси Жайнак аларга айланып-тегеренип олтурат. Аларды карап Карачач жашоосуна ыраазы болуп, өзүнчө эле кудуңдап сүйүнүп алды. «Адамга мындан өткөн бакыттын кереги барбы? Карачы, мойтоңдогон садага болоюндарымды? Ата-эне бала үчүн

жашайт экен да! «Балам, балалуу болгондо билерсиң» деген кептин маанисин эми түшүнбөдүмбү!» - деп ар бир баласына энелик мээримин төгүп карап жаты. Улуусу – Афтандил. Аны кайын энеси Жайнак чоң атасы Турдубайга окшотот. Чоң атасына түспөлдөш болуп, чоңойгон сайын баскан-турганы, жадагалса сүйлөгөнү да кудум чоң атасыныкындай. Мезгилсиз өткөн күйөөсүнүн элесин көрүп көңүл жумшарат, жарыктык! Экинчиси – Сүйүмкан. Акылы зирек, келбеттүү, татына, тыкылдап дегеле сүйлөгөнү да ширин десең, чоң адамдай! Кичинесинен эжеси Өктөмдү туурап, ыр-бийге шыктуу чонойду. Тез сүйлөп, тез басты. Ал эми үчүнчүсү да уул болуп, атын Нуртилек деп таенеси Алиш койгон. Ата-эне, туугандарына нур берсин, максат-тилеги таза болсун, ымандуу болсун дегени. Бул уулунун кылык жоругу башкача болду. Мүнөзү курч, тентек. Айтканынан кайтпаган көк. Энсегенин аткартмайын тынчыбаган жеңил болду. Баралына барганда көктугун аруу тилек-максатка арнаса ажайып адам болорунда шек жок! Ылайым эле ошондой болсун! «Эркек көгү эр болот, катын көгү кор болот», дешет го акылман элибизде. Баарына кудайым ыйман берсин, туура жолдон адашпасын! Мына ушулардын өмүрүн тилеп, өзүнчө күбүрөнүп: «Түү-тү, көп карабайынчы көзүм тийбесин!» деп да алды.

Эрте мененден келининин ар бир кадамын кылдат байкоого алып жаткан кыраакы кайненеси түшүндү окшойт:

- Ээ балам, тиштенип калыпсың да, эч кандай белги жокпу?

- Эне, райондун борборуна барсам окшойт. Кичине кыйналып турам.

- Апей, катыгүн жанатан эмне айтпадың, - деп кайын энеси чебеленип, - Бол батыраак кагылайын, кийимдериңди даярда! Өзү кошо обдулуп, шашып алдастап калды. Маасысынын кончуна бекитип жүргөн

акчасын чыгарып, сандыгын ачып келининин башына жаңы ак жоолук салды да, ысырык түтөтүп:

- Кагылайын, жолуң ачык болсун! Ак жол! Умай энем колдосун. Мурунку кубатым, жаштык кезим болгондо өзүм коштоп барбайт белем. Нары мал-жан да короодо. Кайдан, өзүң көрүп турбайсыңбы. Кайын синдиң Дариштти кошуп ал. Медер болор. Кудай өзү жар болсун! Эсен-аман көзүп жарып ал! Оомийин! – деп ак батасын берип, кайра-кайра үйрүлүп түшүп жатты. Баарын байкап, айттырбай түшүнгөн акылы зирек мээнеткеч кайынсиңдиси Разия жол азыгын, кийим-кечегин белендеп, апасы экөө тээ Көкташтан аркы кайрылышындагы жолго чейин узатып барышты.

- Балдарыңдан кабатыр болбо! Өзүңдү ойло! – деп алыстан кыйкырып, - «Күйөөсү жанында болгондо эмне?. Каралдым да өз жаны менен алпурушуп алыста болсо. Жаратканга аманат. Андан башка айлам канча?» – деп узата карап калып калды.

Кайын сиңдиси Дарийканы ээрчиткен Карачач али көп жол басыш керек! Айыл менен чоң жолго чейинки аралык беш чакырымдай, ал эми райборборго 35-40 чакырым. Азыркыдай кымкуут болгон автомашиналар жок. Анча-мынча жүк жүктөгөн чоң машиналар гана өтүп калбаса. Көзүнөн төрөт үйү, ак халатчан колу жеңил врачтар өтүп, көзү чачырап улам-улам бейкапар келаткан кайын сиңдисин карап коет. «Кайын энеме миң айланса да аздык кылар! Ушул убакkка келип бир ооз жаман кеби жок. «Кагылайын», «садагаң кетейин», «каралдым», «балекетиңди алайын», «алдыңа кетейин» деген сөздөрүн күнүнө миң кайталоодон да тажабайт. Башкалардын кайын энелери да ушундай болсо кана?» - деп өзүнчө кудуңдап келатты. Эки караан ар кайсы жерге токтоп, дем алышып отуруп чоң жолго жетип келишти. Жолу болуп машина чыга калып, борборго тез эле жетип келишти. Келин араң чыдады. Төрөт үйүнө келээри менен көз жарды. Уккан адамдын кулагы сүйүнө турган жакшы жышаан, жагымдуу кабар деп уул төрөлгөндө көпчүлүк

айгай салчу эмес беле. Мына ушундай бакыт Карачачка туш келди. Алмаздын тукумун улаар уул төрөлдү. «Баа-баа» деп бакырып, жарык дүйнөгө келген наристенин үнү ооруп жаткан атасына да жетти. Ал жатып түш көрдү. Түшүндө как эткен карга, кук эткен кузгун жок ээн чөлдө ичээрге суу таппай жүрүптүр. Бир убакта асманда кичинекей булут пайда болду да, Алмаздын так үстүнө келип шатыратып төгүп кирди. Чаңкап, тамагы кургап калгандыктан жан алакетке түшүп жамгырдын суусун шимирип жатты. Аңгыча ошол булут шукшурулган, алп денелүү бүркүткө айланды да чөлдү кезип учуп жүрдү. Өткүр көздөрү менен чар тарапты кыраакы карап, мекенин коргоочу эр-азаматтын элесин берип турду! Шаңшыган үнү алиге чейин кулагына жаңырып, кайраттуу канатынын эпкини дартын жеңилдеткендей болду! Мына ушундай түш көрдү! Жакшылыкка жоруп, уулдуу болгонун боолгоп, кош бойлуу аялына кудайдан кубат сурады, өмүр тиледи.

Аян түш көрүп, өзү да жеңилдеп бир топ оңолгонсуп калыптыр. Айылынан, үй-бүлөсүнөн алыс жакта болсо да, аларды сезимдер, кыялдар жакындаштырып жатты. Балдарын, апасын, бир туугандарын, аялын ойлоп түндүн бир оокумуна чейин уктай албай, ооруксананын терезесинен толгон айдын сулуулугуна суктанып, өткөн окуяларды эстеп жатты.

Толгон ай терезеден баласын эмизип жаткан Карачачка да түшүп турду. Энелик бакытка балкып, баласын кучагына бекем кысып, бала ансайын энесине ыктап чопулдатып эмип жатат. Уурту нан ууз сүт агып, бейкапар уктап, анча-мынча чукуранып коет. Энелик мээримдин жеткен чегине карап туруп суктанасың! Ар бир аялдын бактысына ушул айлуу түндөгүдөй көрүнүш туш болсо деген аруу тилекти ким эңсебейт, чиркин!

***

Келининин эркек төрөгөнүнө жетине албай кубанган эне небересине күбөлүк алыш үчүн сельсоветтин

идарасына өзү келди. Кезек күткөн эл көп экен. Жадагалса кезек күткөнгө да чыдабады. Жүрөгү алып учуп, тезирээк эле алчусун алса, небересине жетип барса...

- Кечиресиңер, тез эле чыгам, - деп кезексиз эле кирип кеткенине көпчүлүк таң калып карап калышты.

- Кызым, мага күбөлүк берип койчу, - деп шаша сүйлөдү.

- Келиңиз эне, кимге? Өзүңүзгөбү?.. – деп сельсовет кыз тамашага алып сүйлөдү. – Неберелүү болупсуз, кут болсун. Өмүрлүү болсун.

- Рахмат айланайын, айтканың келсин.

- Атын ким деп жазайын?

-?.

- Кандай ат коесуз эне?

- Балам, аны ойлобопмун. Жакшы бир ат коюп кой!

- Ээ жарыктык десе, менин койгонум туура болоор бекен, ата-энесине жагаар бекен - деп иймене сүйлөдү.

- Жакпай анан! Сен да эл алкышын алган, элдин адамысың! Ырым кылып жакшы ат коюп кой!

- Эмил деп койсом жагабы.

- Жагат, жагат айланайын! Жазып бере сал! Күтүп калышты кагылайындарым. Тезирээк барайын!

Сельсовет кыз элпек кыймылдап жазылган күбөлүктү карматты. Кемпир кайра-кайра айланып-тегеренип, батасын берип кубанычтуу чыкты. «Эмил, Эмил» деп кайталап, кудуңдап сүйүнүп коет. Маңдайы жарып кубанып, небереси менен келининин алдына баратты.

***

Күн Бозбу Ата тоосунун чокусунан баш багып, жерге тегиз нурун чачты. Эң биринчи таңдын атканын байкаган, жүз жылдык тарыхка күбө карт каражыгачтын башын түнөк кылган кызыл короз жар чакырып, кыйкырык салып адам пенделерин уйкудан ойготту. Таңдын атышы - тиригиликтин баштылышы. Айылда тиричилик башталып, сер уйку болгон карылар элден мурун ойгонушуп, үйлөрдүн эшиктерин ачып коюшту. Элде айтылган: «Таң

азандан туруп эшиктерди ачып коюш керек! Кудай ырыскыны эрте менен таң азанда берет! Ким уктап жаткан болсо ырыскыдан куру калат!» деген ишенимден улам ошентишсе керек. Алардан кийин эле турушкан айылдын келиндери очокко от жагышып, дааратка суу ысытышып, уйларын саап, айтор ар бир үйдүн эрте мененки түйшүгүн тартышат.

Бул айыл Сыны деген айыл. Айтылуу Аксы жергеси. Кезинде каражаак акындарды айтышып жеңген Жеңижок акын жердеген, далай эрди тамшандырган Алымкан сулуу жашап өткөн Аксы жергеси таланттарга бай, кут түшкөн жер. Бозбу Ата тоосунун түбүндө, чар тарабынан Баба Ата, Падыша Ата, Кожо Ата, Актонду, Көктонду деген алп тоолор курчап турган кудайым берген керемет жер, алакандай болгон кооз жай. Бозбу Ата тоосуна байланышкан улуулардан уланган далай нуска кептер бар. Тоо ошол элге дем берген, эртеңки күнү аба-ырайы кандай болорун аныктай турган негизги таянычы. Кантип дебейсиңерби. Эгер асмандагы булут тоонун так төбөсүндө турса, анда аз убакыттын ичинде жаан жаайт деген белги. Ал эми булут тоонун айланасында болсо жаандын жаашы жөнүндө али кабар жок экендиги. Ал эми Бозбу тоосуна чыксаң Сыны алаканга салгандай даана көрүнөт. Тоону жарып чыккан улуу суу айылды аралап өтүп, андан ары сапарын улайт. Суунун кайдан башталарын, кайда барып түнөк табарын эч ким так айталбаса керек. Тирүүлүккө өмүр багыштаган бул суу айылдын көркүнө көрк кошот. Ар коктуда жашаган айыл тургундарына жашоо берет. Айылдын дагы бир сыры, ар бир адам эртең менен туруп сыртка чыкканда эле так пешенесине күндүн нуру тийип тургандыгы. Коз уялта нур чачып жашоонун жаны барагын ачкандыгы. Таңатпай күн мурдун өпкөн сыныlыктардан дайыма жылуулуктун, мээримдүүлүктүн, айкөлдүктүн эпкини байкалып турат.

«Сыны» деп аталып калышынын да өзүнчө бир тарыхы бар. Илгери ушул айылда атактуу Токтогул акын менен табакташ, санаалаш өскөн, эки жүздөй кой-эчкиси,

кырктай карасы, бир үйүр жылкысы, ончакты төөсү бар мал жандуу Шермат деген өткөн. Ырыс оошуп, акыл жугушуп Токтогулдун таасириненби, Шермат комузда кол ойнотко ндо уккандын баары таң калчу экен. Дагы бир өзгөчөлүгү малдаш урунуп комуз чертип, берилип кеткендиктен от күйүп турган очоктон кантип өтүп кеткенин да байкабай калчу. Өнөр барктаган бул улуу адам ар дайым таңдайынан чаң чыккан чечендерди, комузда кол ойноткон улуу комузчуларды күнү-түнү меймандап айылына майрам куруп берчү.

Бир күнү казактардын атактуу чечен-сынчысын конокко чакырышат айыл билермандары. Алар конок каадасын кылып, колунда барын жайнатып, жайыл дасторкон салдырат, кымыздын курчунан сунуп, күнүнө бирден кой союп, баш тартып жети күнү коноктойт. «Кел демек бар, кет демек жок» деген нускалуу кепти туу тутушат. Качан гана чечен аттанууга уруксат сураганда көөдөндө сактап турушкан маселени айтышат. Айыл аксакалы мартабалуу Чомош сөз учугун чубап:

- Мырза сынчым, мына бир топ күн мейман болдуңуз. Кулактын кужурун алган сөздөрдүн не бир асылдарын тыңдадык. Сөзүңүзгө кулдук...

- Рахмет, рахмет, баурдастарым. Энди аттанайык. Калай дейсиңер. Дурусмы? - деп бакылдап бек-бек сүйлөйт.

- Ушунча болду, чеченим биздин жерди сынап берип кетиңиз. Сыныңызга толдубу? Сизге жакпаган кандайдыр кемчиликтер болдубу? Жашырбай ачык-ачык айта бериңиз, - деп сөз улап калды иниси Шермат.

- Жериңерге тең келетин жер жок гой! Авасы таза, сувсу тунык! Кудайым бир жараткан керемет жер экенгой. Калай дейсиңер? Тус тарабы тоо. Эрте менен эрте ойгансаң так бешенеңе күн тиет. Тоодон соккон сыдырым жел жүзүңдү аймалайт. Малга жайыт кеңири. Келин-кыздары сулув, эрте менен эрте туруп булактап сууга барып, уй саап, айран уютуп мээнеткечтигине куве болдум, агаиндер!. Ушу бир кемчилиги, эркектери жалкоорак экен гой! Кымызга тоюп, ныксырап уктап, тамак даяр

болгондо, күн текши жайылганда араң турушат экен айрымдары... «Жери токтун эли ток-демекчи жангак, алма бар экен, долоно, алча, өрүктөр жан ооруса дары экен, айдоо жерлер аз экен, жайнатып мында мал багып, жегенинер казы экен! Конушундар менин сыныма толду, баурдастар! Өрүсүндөр жайык болсун, пешенеңдер ачык болсун, кокту-колотко бөлүнбеңдер, керемет жерге кесир келтирмеңдер» - деп жарымын казакча, жарымын кыргызча айтат. Мына ошол казак сынчысынын сынынан кийин жер сулуулугуна сын жукпай «Сыны» деп аталып калат.

Айланасындагы тоолордун ар бири жөнүндө уламыш айтылат. Күн күркүрөп, чагылган чартылдап борон-чапкын болсо жергиликтүү эл Актонду менен Көктонду алышып жатат деп коюшат. Кимдир бирөөнүн айтуусунда бул эки тоо бир тууган болгон экен. Кандайдыр бир нерседен улам араздашып калган дешет. Бирок эмнеге экени жөнүндө так айта алышпайт. Дагы бир уламышта: «Илгери ушул айылда 20-30 түтүн үй болгон экен. Элдин ынтымактуулугунанбы, айтор анда жашаган эркектерине атайын арналып тигилген көк тон болгон экен. Кимдин кайда иши чыкса, же мейманга барса, ошол тонду кийип барчу.

Ал эми барган жерде көк тон аркылуу таанышып, кайсы жерлик экенин билишчү да, кийин ошол жерди көк тондуу эл дешип, «Көктонду» аталып калат. Биринде: «Айылдын үстү жагында бир кашык суу акчу булак бар. Ошол суу көк жөтөлгө дары дешет. Ооруп келгендер көк тон кийип, атайын булакка барып, жыт чыгарып, чүпүрөк байлап, сыйнып кайтышат. Ошондон улам «Көктонду» аталган деп айтылат. Деги койчу Актонду жөнүндө да ар кими дараметинин жетишинче көркөмдөп, ар кандай уламыштарды айтып келишет. Актондунун үстүнөн жайы кышы ак кар кетпей, Көктонду кышын жайын көгөрүп тургандыктан улам да ошентип аталып калгандыр..? Бул уламыштардын чын-төгүнүнө тарых, мезгил, эң негизгиси жараткан өзү күбө. Жараткан күбө болгон дагы бир окуя

күнү бүгүнкүгө чейин сынылыктардын улуу муундарынын эсинен чыкпайт. Ал окуянын төркүнү мындай…

***

Аксыны жердеген Калкатай деген деген бий өткөн. Элдин урматына таттыктуу, айкөл, бей-бечарадан жардамын аябаган. Керек болсо арданбай кайырчы менен да бирге олтуруп маектешип, даам таткан инсан болгон. Байлыгына эсеп жетпеген, сан жылкылуу бийдин ашкан сулуу Айкан аттуу кызы болуп, учурунда төгөректүн төрт бурчуна сулуунун даңкы кетип бийдин эшик алдынан жуучулардын аягы үзүлбөйт. Жуучулар келгенде кызын чакырып, пикирин сураган. Сулуу бийкечтин көңүлүнө бири да төп келбегендиктен ыраазылык бербейт. Ошол келген жуучулардын катарында бийдин айылындагы ортозаар турмуш кечирген Тагай аттуу киши баласы Дүйшөнгө кыздын колун сурап келет. Бий кызынын эрки менен да эсептешип, бир чети демитип келген адамды сөөлөтүнө теңебей сөздү алыстан баштап:

- Эми Тагай, айтканың туура кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер деген улуу кеп бар. Ал кепке талаш жок. Биз сени менен бир элбиз, бир журтпуз. Кийин соңгу эки бала араздашса жаман-жакшы айтышып калбайлы, ушул сый боюнча эле жүрөлү. Кыздын базары жүрүп турат, кайтарып жатасыз дегендей да сөз айттың. Муну тагдыр, нике кайып дейт. Экөөбүз ойлогондой болбойт. Кудайдын жазмышы болот. Кадыр-көңүл жарашкан, кызым каалаган адам менен куда-сөөк болормун. Капа болбой кеткиле, - дейт. Тагай башын жерге салып, кулдук уруп олтурган. Бий сөзүн бүткөндө башын өөдө көтөрүп, «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей тартынбады, биринчи жолу ушундай сүйлөдү:

- Сөзүңүзгө кулдук. Алдыңызга келерде миң ойлонуп, миң толгонуп келдим, эле бийим!. Теңиңизге албай турганыңызды билгемин. Бирок баламдын өтүнүчү, кызыңызга болгон аруу сезими келишке аргасыз кылды. Мейли, экөөнүн тең пешенесине кудайыбыздын

жазгандары бардыр! Оомийин, буйругандары менен бактылуу болушсун,- деп жүзүнө алакан тартты да, уруксат сурап отурбай шарт туруп үйдөн чыгып кетти.

Окуя ушуну менен бүтүп калган жок. Антип-мынтип бир канча күндөр өтүп, Айкан сулуу өзүнүн теңин тапты. Бий ошол эле айылдагы Шермат деген жигитке кызын аткармак болду. Баталашып, той күнү белгиленип жорук-жосундар жасалып, кыз оюнда Токтогул баштаган ырчылар тойдун көркүн ачып, кызды кайын журтуна узатаар күнү бийдин сөөлөтүнө шек келтирген чуулгандуу окуя болду.

Кыздын башына асем таштар менен шөкөттөлгөн, суусар шөкүлөнү күйөөлөп келген тарап алып келип кийгизет. Ошол шөкүлөнүн жасалышы да куда тараптын кандай экендигин аныктап койгон. Айканга алып келинген мына ошол шөкүлө жоголуп кетет. Эч качан мындай окуя болбогондуктан баарына өөн учурайт. Бийдин ачуусу келип, намыстанат. Арына келет. Көз көрүнөө кадырын тебелеп атса. Анан кантсин. Издетип таппайт. Айласы кетет. Акыры ким алышы мүмкүн деген божомол менен кызынын колун сурап келгендерди эстей баштайт. Ар бирин көз алдынан өткөрүп, өзүнүн айылындагы Дүйшөнгө токтойт. Жигиттерин жөнөтүп «Кызуулукка берилип алган болсо берсин. Мен түшүнөм. Кызымды жакшы көргөндүктөн ошол ишке барды. Эч кандай доом жок. Шөкүлөнү берсе эле болду» деп кабар айттырат. Дүйшөн албаганын айтат. Атасы да баласына өзүнө ишенгендей ишенерин, мындай ишке түк кол урбасын чечкиндүүлүк менен билдирет.

Айласы кеткен бий Тагайды чакырттырат да:

- Менин балаңдан башка күмөндүү адамым жок. Албаган болсо ак боз атты минип мазарды үч жолу айланып касам ичесиңби? – дейт.

-Албетте, касам ичем! Балам мага калп айтмак беле? Аруу сезим арнаган кызыңызга күйөө болууга тагдыр буйрубаса, жансыз шөкүлөсүн эмне кылмак?

- Мазарды айланып касам ичкенден кийин үй-жайыңды дагы тинтебиз, эгер чыгып калса касам урат. Ата-бабалардын арбагы урат. Илгертен «Каргыш алба, алкыш ал» деген кеп бекеринен айтылбаган. Абдан ойлон. Кийин өкүнүп калба. Касам ичүү - кудайдын алдында каргануу. Билесиң да…

-Актыгыбыз үчүн касам ичем! Кудай алдында, эл алдында, арбак алдында касам ичем!..

Мына ушундай сүйлөшүү жүрдү. Балага болгон ишеним атаны эмнеге гана алып барбайт! Журтта жок жосунду башташты. Арбактарды оозанышты. Бул кеп бүтүндөй Аксы аймагына желдей тарады. «Калкатай бий Тагайды касам ичирет экен. Тагай баласы үчүн ошондой кадамга барат экен! Эгер ак болбосо арбак урат экен! Кудайдын кудурети менен Тагай итке минген кедейге айланып калат экен» - деген ушак-айың айтылып жатты.

Жантайыңкы бетке жайгашкан, калын токойлуу Коктонду мазарынын айланасына эл көп чогулду. Элдин башында колуна Куранын кармап айылдын имамы, анын жанында Калкатай бий турат. Күнөөлүү эмес экендигин далилдөө үчүн Тагай акбозатка минип, арбактар жаткан азиз жерди карап туруп, Куранды бешенесине коюп касам ичүүгө даяр турду. Жүрөгү бир булкуп алды: «Каран күн мен чындык үчүн касам ичип жатамбы? Же, жаза тайып балам алганын жашырып жатабы? Жок, жок! Ал деле касам ичүү эмне экендигин түшүнөт да! Кантип эле ошентсин». Ишенди. Баарынан бала абийирин, өз абийирин жогору койду. Ким баласын жаман десин! Баласынын тазалыгына ишенди. Бала үчүн өзүн курмандыкка кайсы ата даяр болбосун? Мына ушундай ой чабыт менен алаксып, «Кана башта эми? Башта!» - деген чуру-чууну укпай да калды. Экинчи жолу кайталанганда баштады. Атты теминип мазарды үч айланып касам ичти. Арбактар алдында актыгын далилдеди.

Бийдин жигиттери Тагайдын үйүн тинтишти. Боз үйдүн ичинде эмне дүнүйөсү болсо баары чачылды. Эч ким тыйбады. Себеби, актык үчүн касам ичилген да!

Үйдөн шөкүлө табылбады. Бийдин акыркы үмүтү да оңунан чыкпады. Үй ээсинин көңүлү жайланды. Эч нерсе таппаган жигиттер босогодон эңкейип сыртка чыгып баратканда бирөөсүнүн башы боз үйдүн түрүлгөн эшик жабуусуна тийип кетип, эшиктөр жайыла берди да, анын арасынан ак кундуздан жээктелген шөкүлө жерге чубалып түштү. Бул капыстан болду. Баары таң кала карап, Тагай нес болуп катты да калды. Ал эми Калкатай бий ак да, көк да дебеди. Шөкүлөнү алды да атына камчы салып бастырып кетти.

Касам ичкендин арты кандай болоруна эл ошол окуядан кийин дагы ишенип калышты. Баласынын кесири атасына, үй-бүлөсүнө тийип, көп өтпөй Тагайдын малдары ыландап өлө баштады, акырындап олтуруп колунда адалдан түк да калбады. «Итке минген кедей» деген ушундай болорун түшүндү. «Мал ачыгы-жан ачыгы» - деген кепке да ынанды. Күйүтүнөн кан жутуп, айыкпас ооруга чалдыкты. Касам урган, арбак ургандын аягы ушундай трагедия менен аяктады.

Эмил мына ушул окуянын күбөсү болгон эл башкарган, айкөл, улуу адамдардын урпагы болду. Кыргыздын «Ырыс оошот, акыл жугушат» деген нуска кебинин чындыгын учуру келгенде мезгил өзү далилдейт.

Эмилдин чоң атасы, Шермат менен Айкандын аруу сезимдеринен жаралган атадан жалгыз Турдубай атасы өткөн соң жетимдиктин азабын көп тартты. Кудаяр байдын малын бакты. Эр жетип чоңойду, билим алды. Эл арасында өсүп, элге жакын болду. Чон кызматтарда иштеп калыстыктан тайбады. Удаасы болгон, атасын тартып ыржандуу жаралып, көздүүгө көзүгүп көз жумган Жолдошбекти апасына жоктотпой бел болду. Апасын алпештеп бакты. Ата кадырына доо кетирбеди. «Жакшынын жесири жерде калбайт» - демекчи, Айкан сулуу салтка баш ийип, ак никелүү болуп, кайниси Нышандан бир кыз, төрт уул төрөдү. Жаман жашаган жок. Бактылуу өмүр сүрүшүп, сексенден ашкан курактарында биринен сала бири кетти бул дүйнөдөн. Калыстыгы,

айкөлдүгү, жаралгандан жароокерлиги менен айрымаланган Турдубай нечен адамдардын алкоосуна ээ болуп, мезгилсиз кырк жети жашында жети баласын кудайга табыштап, о дүйнө кете берди. «Жакшынын өмүрү кыска болот» - демекчи, анын атасы Шермат да көзү өткөндө ошол жашта эле. Эми гана чоң окуу жайдын студенти болгон, жетим калган алтоонун «аксакалы» Алмазга ата ордун алмаштыруу түйшүгү турду. Ата кадырын эрте түшүндү. Оор жүк турганын сезди, окуусун жакшы бүтөрүп, балапан ооз ини-карындаштарына баш-көз болуп, ата ордуна ата болуу жоопкерчилин мойнуна алды. Ал жети теги болгон Эрназар, Чоюнбай, Токтоболот, Токо, Эшаалы, Шермат жана Турдубайлардын арбактарынан колдоо тилеп, кудуреттүү кудайдан ырайым күтүп, өзү окуп бүткөн мектептен эмгек жолун баштады.

***

Жетимишинчи жылдардын орто ченинде Аксы аймагынын Кызыл-Көл айылында эмгеги элден, мээнети жерден кайткан бул дүйнөдөн бир инсан өткөн. Анык ысмы ким экендигин эч ким кызыкпаган, бирок билгендер Итемер деп коюшат экен. Аялзат экендигине карабай кайраты ашып-ташкан, кабылан жүрөк эркектей кайраттуу, жай-кыштын, жашоонун ысык-суугуна абдан бышкан, мал-жандуу, кандай маселе болбосун кабыргасынан коюп адилет чечкен, өз айылынын эле эмес, жалпы Аксы аймагынын «Курманжан» даткасы эле деп эскерип келишет билгендер.

Аксынын Аксуу, Чат, Кошдобо Кара-Жыгач, Сыны айылдарынын мал-жандуулары, Актонду тараптагы улуу жайлоолорго чыккандар ал аялдын алдынан өтүп, кайда коноорун, кайда көч жаңыртарын, жайлоо шартын кеңешишип кетишер эле дешет. «Ынтымак бар жерде ырыс бар» - демекчи жайлоого чыккандар кезектешип бири-бирин конокко чакырышып, ал-акыбал сурашып бала-бакыраларын тааныштырышып, көңүл табышып:



14224.

«Эки жакшы тоого чыкса кудалашып түшүшөт, эки жаман тоого чыкса кубалашып түшүшөт» - демекчи тамыр сөөк табышка да көп себепкер болгондугун айтып келишет.

Ал кемпирдин көптү билген көсөмдүгү, акылдуу сөзү, ажайып тазалыгы, ачык кол айкөлдүгү, кашкайган калыстыгы өзүнө эл арасынан кадыр-барк алып келген. Өз турмушунда үч жолу кыз албаган жигиттерге турмушка чыгып, бирок тагдырдын буйругу менен турмушка чыккан күйөөлөрү дүйнөдөн мезгилсиз өтүп кетишет. Тагдырынын тайкылыгына кейисе да кайратынан жазбай Айылчыдан калган төрт кызды атасы жоктугун билдирбей чоңойтот. «Эркегим болсунчу» - деп Кетмен-Дөбө аймагына турмушка чыккан кайынсиңдисинин баласын багып, өз уулунан артык көрүп бапестеп багып алат. Мезгили келгенде жогорку окуу жайда окутат. Үйлөп-жайлап өз мүлкүнө мураскор кылат. Акыл эстүү жигит энесинин мээнетин актап жакшы окуду, ак эмгектенип, анын жүзүн жер каратпай эл оозуна алынып, кадыр-барк күттү. «Эл агартуунун мыктысы», «Эмгек сиңирген мугалим» деген даражаларга жетти. Көп балалуу болуп, энеси экөөлөп тарбия берип: «Эмнени эксең ошону көрөсүң» - демекчи, учурда анын үзүрүн көрүп бактылуу карылыгын өткөрүүдө. Балдары жакшы чыкты. Айылдын ардактуу аксакалы болуп, учурда бактылуу карылыгын сүрүүдө.

Итемер кемпир балдарынын тагдырларын да өзү чечкен дешет. Бирок жазмыштын мыйзамына ылайык үй-жайлуу болгондон кийин үч кызы дүйнөдөн өтүп, эки кызынан бир уул, бир кыз калып, тукум улап келет.

Бир канча турмуштун катаал сыноолоруна туруштук берген, өзүнүн аял затына тиешелүү салмагын сактаган кемпирдин кайратын көрүңүз! Айтканынан кайтпаган, үч эри өлүп, кыздарынан айрылса да кайратынан жазбай Алиш аттуу кызын Керимбайдын баласы Артыкбайга өз колу менен узатат. Кызына: «Жакшы атанын баласы, биринчи турмушунан багы болбоду, бирок бак ачары сенсиң! Мени уят кылба! Айтканыман кайтпайм. Өз колум

менен берем! Пешенеси жазык, адамдыктын улуу касиетин атасынан мурастагандай азамат жигит көрүнөт. Бала-чакалуу болуп, багың ачыларына шек жок»,- деп ишеним туудурат. Айтканы аян болуп, Артыкбай үй-бүлөгө, алган жарга күйүмдүү болду. Эл оозуна алынып, көп жыл мамлекеттик кызматтарда иштеп, колунан көөр төгүлгөн уста катары өзүнө үй-жай салып, коңшу-колоң, тууган-уруктардын үй-жайлуу болушуна да көп салымын кошот.

Итемер көзү өтөрүн алдынан билип, бойго жетип калган, жогорку окуу жайда окуган небереси Карачачты чакырып жигитинин, болочок күйөөсүнүн тек-жаатын сурайт да: «Сынылык төнтөрт Шерматтын небереси, Турдубайдын баласы болсо көңүлүм ток! Тектүү, таза адамдын тукуму экен! Нары жагы жакын, бер жагы өзүбүздүн эл, тагдырыңды кошо бер! Аялзаттык милдетиңди билгин, берген акыл-насаат, тарбиямды унутпай жүр! Эриңдин ордун талашпа, өз аялдык ордуңду бербе! Үй-бүлөнүн куту бол, мээрим берсең, мээрим аласың! Төнтөрт уруусу бири-бирине жынскайырыраак көрүнгөнү менен ысык-суукта бир муштумдай түйүлгөн уруу! Илгери эки уруу эл араздашып, келише албай чабышарда төнтөрт уруусу түп көтөрүлө ортого түшүп, калыстык кылып, чырдашууга алып келген чырдын туусун Тубайга алып берген экен. Нары болочок кайнатаң ыраматылык Турдубайды жакшы билем. Атаңдын ырыскылаш досу болгон. Үйгө көп келээр эле. Жаңылбасам сени келин кылып алам деген тилеги да бар эле. Өмүрү кыска экен өтүп кетти. Ташкенден окуп, милийса болуп көп адамдарга жакшылык кылган азамат болгондугуна көпчүлүк күбө, кызым!» - деп, небереси көрсөткөн болочок небере күйөө баласынын сүрөтүн канагаттана карап, неберисинин турмушун да аныктап коюп, көп узабай көз жумган дешет.

Көзү ачыктай көп адамдын тагдырын алдын ала билип койчу экен ал адам! Бейтааныш адам менен баарлашканча эле өз баасын берип койчу эле дешет билгендер. Атына затын төп келиштирип ат коюп да

койчу экен: «Алабарман», «Суук тумшук», «Суу мурун», «Желөнкө», «Желтаман», «Акжолтой» сыяктуу. Өлөрүндө жалгыз кызы Алишти чакырып: «Карачачынды тарбияладым, болгон өнөрүмдү үйрөттүм, катаал кармадым! Ашкере мээрим адамды бузат, жоопкерчиликсиз кылып коет, кызым! Эне-тарбиячы. Баланы бек кармасаң баралына барганда бек болот, мекенине, үй-бүлөгө чеп болот! Бул жашоонун азили да, азабы да жанаша жүрөт. Баары жараткандын буйругуна жараша болот. Кандай болбосун кайраттан, сабырдан кетпеген абзел! Кудай деген кудай, андан жудай болуш жок! Сыныдан бир жесир келсе кесирленбей кызынды бер! Аларынды ойлобой берериңди беленде! Бек кармашкан колдору үзүлбөй бул дүйнөдө кадыр топтошсун, балалуу болуп бапырашсын, балдары бакыт табышсын! Ал эми Кайып экөөңөр катташууңарды үзбөй эриш-аркак жашагыла, калыптанган ынтымагыңардан жазбагыла!» - деп керээз калтырган дешет жакындары. «Болочок эрди тегинен изде, тагдырын элдин бегинен изде» - демекчи бул кемпир да Эмилдин бир теги - чоң таянеси болуп жатпайбы!

***

Шермат кыштап жүргөн бул жерди эл Шерим кыштоосу дешет. Азыр бул жер калың айыл. Эл жайында гана жайлоого кетип, көпчүлүк жашоосун ушул айылда өткөрүшөт. Колунда бар малын кар түшкүчө тоого айдап, чөп жыйнап кышында кородо кармашат.

Быйыл кар аз түшүп, кыш жеңил болду. Февралдын башы болсо да күн кадимкидей жылып, бирин-серин малдар адырда былтыркыдан калган чөп-чардын калдыгында жуушап жүрүшөт. Малдардын арасындагы эки төөгө көңүл бөлбөй коюуга болбойт. Шерматтан калган ушул эки төөдөн тукум уланып келатат. Төөлөр кышка чыдабайт, алар жылуу жакта жашашат деп эл көп укчу. Эмнегедир бул жаныбарлар көнүп калышкан. Суугуна да, ысыгына да. Булардын мекени кайсыл жак

экенин да эч ким айта албайт. Бар болгону ысык, кумдуу чөлдү мекендегенин гана билишет. Быйылкы кыштан сапсайган сары түктүү каймал жүктүү (бооз) чыкты. Айбан да болсо энелик бакытты туюп жаткандай. Анда санда жонундагы түгүн каршы-терши тили менен жалап кирет. Төөнүн буурасы (эркеги) каймалдын жанына эч кимди жолотпойт. Кызганчаактыгын кантесиң! Экөө эрчише басып чөп жыйылган короонун ичине киришти. Каймал короону бир сыйра айланып келип жерге чөктү. Бутун узун сунду. Төөлөр ботолоордо ушинтет. Буурасы буркулдап жерде чачылган чөптөрдү эрини менен тиштеп, күч келди бүркүп жатты. Байкуш каймалга кубат бергени окшойт. Ботолоду. Татынакай аппак тайлак туулду. Жандан артык касиети бардай. Туулары менен тайтаңдап жерден обдулду да басып кетти. Энеси актайлакты ээрчип жүрүп эмизди. Алгачкы ууз сүтүн оозантты. Негедир буура аларга жакындабады. Алыстан гана күзөттү.

Актайлактын туулганын Жайнак чоң эне жакшылыкка жоруду. Жорубай анан, небереси да так секирип ойноп калды. Эмилге бул тайлак эрмек болот. Эне жетине албай кубанып ичинен: «Актайлак Эмилиме энчи болсун! Бул эки төө касиеттүү, жакшыдан калган таберик төөлөр. Биздин жакшылык күндөрүбүзгө себепкер болгон. Анын үстүнө актайлак чанда туулат. Бул жакшылыктын жышааны! Теңирден келген аян окшойт! Жараткан өзү жар болсун! Кандай жакшы касиет болсо, анонун баарын неберем Эмил менен ушул Актайлакка буюрсун! Апапакай болуп экоонун окшоштугун кара! Экөөнүн тең башын таштан жаратсын, кудайым! Өмүрлөрүн узун кылсын! Шарт келишсе башынын амандыгын тилеп той берейин! Төөнүн пири Ойсул Ата колдосун!» деп Кудайга жалынып жатты.

Актайлак так секирип оюн салып кечке чарчады көрүнөт. Энесинин сүткө толгон желинин тумшугу менен улам-улам түрткүлөп эмип жатат. Тээ нарыда буларды күзөтүп, кошкуруп коюп буура жатат.

Мына кечке оюнга Эмил менен Актайлак ушинтип тагдырлаш болду. Жайнак кемпир булардын тагдырлаш болорун Кудайдан сурап алды.

***

Андан бери канча мезгил өттү. Эмил бой тиреп келишкен жигит, ал эми Актайлак болсо буркулдаган ак буурага айланды. Эмнегедир экөө бала кезден эле ынак болуштү. Төөнүн ачуулуу эркегинен коркуп, эч ким жанына жолой алчу эмес. Жаш балдарды айрыкча чайнап кост деп этияттап турушчу. Бир гана Эмил коркчу эмес, тайманчу эмес. Зериккенде чуркап жетип барса Актайлак чөгүп берчү, анын чуудаларын кармап оюна келгенин жасап бала төөнү жүдөтүп да жиберчү. Жини мурдунан учуна келгенде гана Актайлак башын чулгуп жиберип, талпаңдап баладан узап качып кетер эле. Азырчы экөө тең токтолгон. Балалык кездери алыс калды да! Экөөнүн аралыгы да алыс. Эмил шаардан Актайлагына жайкы каникулда гана келет. Ошондо алар үчүн чоң бир майрам болот дейсиң!

Айрыкча Эмил балалык дүйнөнүн кызыгына батып, кыял дүйнөсүндө жүрдү. Ар дайым көөдөнүндө тынчтык бербеген, туу туткан урааны «Эрдик жасоо» идеясы жанып турду. Атасы Алмаз башка балдарына караганда кенже уулунун эр жүрөк экенине көп ирет күбө болуп, таң калган учуру да болгон. Балдардан токмок жеп келген агаларынын алсыздыгына жини келип, «Ошол жерде мен болгондо…» деп, кээде кыялындагы эрдигин атасына жар салып да алчу: «Кечээ эки бала мени коркутушту. Мен корккон жокмун. Жөн эле тийишсе мен эмнеге коркоюн! Чыпалагым менен чертип койдум эле, экөө тең ыргып кетти» - деп. Атасы анын кыялкечтигине, айтып жаткан кебинин чындыкка коошпой жатканын билип турса да каткырып күлдү. Бала: «Ата, чын! Чын айтам! Мен кийин так ошондой болом! Урбайм! Чыпалагым менен эле чертип коем!»- деп безилдеп да жиберген. Бала да, оюна келгенин айткан!

Кээде окуудан чыккандан кийин үйүнө атайын жол алыс болсо да жөө кетет. Анткени, жолду ката кыялданып, ойлордун дүйнөсүндө жашап эңсеген эрдиктерине оңой эле жетет. Кечээги эле көргөн киносундагы каармандар менен аралашат, бир туруп эле классташ кыздарын бир топ дейди балдар тоноп жаткандыгынын үстүнөн чыгып, аларды чыпалагы менен бирден чертип ийине келтирет. Кээде элге кордук көрсөткөн каракчыларды жалгыз өзү кармап, сот болуп соттоп кирет. Ушундай эрдиктерди жасаткан кыялына ыраазы болуп, күндө жөө басып жүргөн жолун жакшы көрөт. Жолдун ар бир чуңкуру көкүрөгүнө жат болуп бүткөн. Көзүн жумса да мүдүрүлбөй кете берет.

Эмилдин кыялкечтиги эң жакын достору Өмүр менен Санжарга да таасирин тийгизчү. Экөөнү ойго салып жообу жок суроолорду көп берчү. Жадагалса өздөрүнүн кийинки турмуштагы ордунан бери кыялында бөлүштүрүп, Өмүрдү врач, Санжарды чоң ишкер болосуң деп, өзүн дүйнөнү түгөл аралаган котормочу катары элестетчү. Достору да ишенип, таянып, ал тургай биздин «Компасыбыз» деп коюшат. Боорукер, жароокердик сапаты да Эмилди досторунун арасындагы кадыр-баркынын көтөрүлүшүнө себеп болду.

Атасы жумуштан келсе Эмил китеп окуп олтуруптур. Көркөм адабиятка жакын, зирек болгондуктан окуган китебин сөзсүз атасы менен талкуулаганды жакшы көрөт. Каармандардын дүйнөсү менен жашайт, өзүн ар бир каармандын ордуна коюп көрөт. Анан атасына: «Бул эмне үчүн мындай? Эмне үчүн сүйүүгө туруктуу эмес? Эмне үчүн мындай жаман адамдар көп?» деген суроолорду берет. Бүгүн атасынын башын андай көп суроолор менен катырбады. Атасына кайрылып:

- Ата, мен бир чыгарма окудум. Кызык экен. Сиз ойлонуп көрүңүзчү. Чыгарманын темасы «Бир тамчы шүүдүрүм». Аңгеменин мазмуну эмне жөнүндө болушу мүмкүн?

- Шүүдүрүм жөнүндө, табияттын кооздугу жөнүндө болсо керек.

- Жок, таппадың!..

- Өзүң айт, эмне жөнүндө?

- Дагы ойлонуп көрүңүзчү. Мүмкүн табарсыз.

- Мүмкүн ...- деп бир аз ойлонгонсуп турду да - турмуштагы оош-кыйыштар жөнүндө болуп жүрбөсүн.

- Эми туура божомолдодуңуз! Эмне, окуган белеңиз! – деди.

- Кайдан... Жөн эле айттым да.

- Көлөмү аз эле, мына окуп көрүңүз. Сизге да жагат. Анан ой бөлүшөбүз – деп атасына карматты. Убактысы жок болсо да, жумуштан чарчап келсе да баласынын шагын сындырбай чыгармага көз жүгүрттү.

Чыгарма «Апаке салам! Мен кызыңыз – Мээрим» деп башталыптыр. Апаке, түнү менен Бактыярыңыз ыйлап чыкты. Чоң энем мени ойготту. Туруп чыракты жактым. Анан Бактыярга дары ичирдик. Ал жүзүн тырыштырып окшуп жиберди. Анан чоң энем сизди наалып: «Жер гана жутуп, эки наристенин убалы урсун», - деди.

Апаке, чоң энемдин айтканына караганда сулуулар бактысыз болот экен, чынбы? Алар тагынчактарга окшоп көздүн жоосун алат экен. Чоң энем кээде мага «Көздөрүң апаңдын көздөрүнө окшойт, кудай сактасын, ага ит окшобосун», - дейт.

Эсиңиздеби, апаке, үйдөн акыркы жолу чыгып кеткениңиз. Өрүк шактарындагы соңку кызгылт жалбырактар чимирик болуп адамдардын бут астына түшүп жаткан эле. Сиз үнсүз, атам каарданып сурады:

- Чынбы ушул?

- Чын, чын деп жатам го!

- Ым, ошондой де! Мына сага! ...

Атам муштап, сиздин туш келген жериңизге уруп жатты, сандырактап барып, даракка сүйөнүп калганыңызда аеосуз тепкилеп кирди. Бирок сиз же ыйлабадыңыз же каршылык кылбадыңыз.

- Ушуну билип койгун, бири-бирибизден алдакачан ашыстап кеткенбиз. Айтчы, эр болуп сен, аял болуп мен бир жолу дартыбызды айтып сырдаша алдыкпы? Эмнеге биз бири-бирибизге жат элек, эмнеге?!

- Жогол көзүмө көрүнбө! – Атам жарадар арстандардай сизге асылды. - Жогол акмак!

Апаке ошол күнү сиз сулуу кыштагыңыз менен бирге сулуу дүйнөңүздү дагы кечип, алакандай көңүлсүз шаарга кетип калдыңыз.

Атамдын айтканына караганда, сиз анын көзүнө чөп салышка көңүлүңүз чыдабай марттык кылып ажырашып кетип калыпсыз. Бирок, апаке, менин мээрбаным, айтыңызчы, эмнеге бизди таштап кетишке бел байладыңыз? Өзүңүз үчүн эмес, биз үчүн жашап турсаңыз болбойт беле! Апаке, айтыңызчы, балдарды тирүүлөй жетим кылгандарды эмнеге каттуу жазалашпайт.

Чоң энем атамды төрөгөндө он тогуз жашта экен. Атам эми гана тамтуң басып калгада чоң атам Санжар согушка кетип калат. Согуш аяктап калганда чоң атамдын ордуна алакандай кара кагаз келиптир. Мына ошондон кийин чоң энем бир атамды деп өмүрүн өткөрүптүр. Бардык көп солдаттын жесирлериндей желип-жүгүрүп, атамды чоңойтуптур.

Апаке! Мен чоң кыз болуп калдым. Уй саймын. Нан дагы жабам. Бардык иштерди өзүм кылам. Ишенбесеңиз келип көрүңүз, колдорум дагы чоң-чоң болуп калган. Апаке, чоң энем өлөт имиш. Ал сизди кор болот деп жатат. Анда сизди ким ээрчитип жүрөөр экен, апаке! Биз бул жакта болсок. Ырас, кор болот экенсиз! Ишенип жатасызбы-а?

Кошунабыз Парман чоң эне дагы жаштыгында көп каталарды кетирген үчүн азыр буттары иштебей жатып калган. Өткөн күнү чоң энем менен бир табак күлчөтай алып Парман чоң энени көргөнү бардык. Бактыярыңыз чоң энем үйдө туруп тур десе да ээрчип алды. Көчө тарабтагы дарбазасынан баш баксак, Соногүл эже чыгып

калды. Ичкериге кирдик. чакан гана короодо Соногүл эж бышактап ыйлап жатты:

- Эмне кылайын, шоруң кургурдун буту-кол иштебегени жетишпегендей, акылдан да ажырап калды Эртеден кечке чейин бир чекитке тигилип, танбур чертет Бир-эки кашык ичип турчу эле, аны дагы токтотту.

Биз Парман чоң эненин алдына кирдик. Чоң эне а дайым мени көргөндө «пучук кызым» дечү, бул жол кайрылып дагы карабады. Өзү дагы, танбурдун кылдары дагы титиреп кандайдыр бир күү чалып жатты. Чыгы кетип жатканда, чоң энем Соногүл эжеге кайрат берип:

- Ылаажыңыз канча, авысын, тагдырга тан беребиз Акылдан азып калды дебеңиз, күнөө болот. Акылдан азган эмес, кылган күнөөлөрүнө тообо кылып жатат.

Соногүл эжем жүзаарчысына көз жаштарын аарчыды Мына ушундай апаке!

Апа, апаке! Сизди сагынып кеттим. Эсиңиздеби мен капысынан көчөдө учуратып калганыңыз. Мени кучакта өксүп-өксүп ыйладыңыз. Апаке, мен ошонд көкүрөгүңүзгө башымды коюп, мага жат болуп калган алиге чейин мурунумдан кетпеген жытты узак издедим Бирок, апаке, мен аны таба албадым. Кийин жаныңыздагы келишкен байке эки жолу тамагын кырып жөтөлүп койду. Сиз болсо: «Силерге ылайык эмесмин ылайык эмесмин, балдарым, алыстан бир көрөйүн дей келдим. Бактыяр кайда, ооруп калган жокпу», дедиңиз «Кырс» этип ачылып-жабыла турган кооз сумкаңыздан акча алып бердиңиз. Мен албадым. «Керек эмес» - дедим Анан сизди көргөнүмдө атама айтпашымды сурандыңыз. Алиге чейин атама айтканым жок.

Апаке, сиз кеткенден кийин үйүбүзгө көп убакыт өтпөй бир аял келди. Короубуздун төрүндөгү бедепаяны оруп, адамдар кечке чейин катар-катар столдорд жасашты. Кечинде көп адамдар жыйылды. Атам менен ошол аял гүлдөр менен жасалган столдо олтурушту. Мен дагы Бактыярыңызды аркама көтөрүп, Карим, Гаухарлар менен тойду тамаша кылдым. Кийин Бактыярыңыз уктап

калды. Чоң энем аны ичкериге алып кирип кетти. Апаке, адамдар ошол той күнү да, тойдон кийин да аябай күлүп жүрүштү. Тойдо сөз-сөзгө жарашпаган имиш, ар нерсенин өз жарашыгы болот имиш. Столго отургузуп шаан-шөкөт кылуу шарт эмес экен. Себеби алар жаш кыз-жигит эмес экен да!

Апаке, менин мээрманым! Бактыярыңыз чоңойсо самолет айдайт экен. Ошондо ал самолетко чоң энемди, атамды дагы, мени дагы, эгер чоң энем урушпаса, сизди дагы салат экен. Менчи, апа, чоң болсом, албетте, сүрөтчү болом. Анан, апаке, бир тамчы шүүдүрүмдүн сүрөтүн тартат элем! Ал шүүдүрүм сиз болосуз, сиз апаке!...

«Кош! Кызыңыз Мээрим» – деп жазылган бир кыздын каты экен. Окуп бүтүп бир топко ойлонуп туруп калды. Уулунун зиректигине, турмуштун ак-карасына кайдыгер карабаганына дагы бир жолу ыраазы болду.

- Уулум, жакшы чыгарма экен! – деди. Эмил телевизор көрүп жаткан. Үнүн угаары менен телевизорду өчүрдү да атасынын жанына келди.

- Кандай деп ойлойсуз? Балдардын тирүүлөй жетим калышына ким күнөөлүү? – деп дагы баягы суроолорун жаадырып кирди.

- Эми балам, ар кандай шарт болушу мүмкүн. Күнөө бир тараптан кетпейт да. Мүмкүн чындап эле аялы жамандыр..?

- Ата, аялы миң ирет жаман болсо да, аны урган эрди эркек деп айткым келбейт. Аялдар алсыз, назик болушат. Анан эркектердин мушуна туруштук бере алабы? Кыздын атасын жек көрүп кеттим. Аялын кечирүүгө кудурети жетпейт беле! – деп тынчсызданып сүйлөдү.

- Туура айтасың, кыргызда «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер», «Алдыңа келсе жети атаңдын кунун кеч», «Какайганга какайгын, падышанын уулу эмес, ийилгенге ийилгин, атаңдан калган кул эмес», «Таш менен урганды, аш менен ур!» - деген нуска сөздөр бар. Ошентсе болмок, балдары үчүн болсо да. Бирок кээ бир эркектер ашыкча эле көкүрөк көтөрүп жүрүшөт да, уулум! – деп баласын

башынан сылады. Дагы улана бермек экөөнүн маеги Маекти Карачач бузду:

- Атасы, балаң экөөң талашып-тартышуудан э тажабайсыңар да. Деги тамак ичесиңерби? Даяр болд жүргүлө! – деп чакырып калды.

Бир үй-бүлө болсо да, бири окууда бири иште болу көп деле чогуу олтура беришпейт. Үйгө келгенден кийи ар кимиси өз бөлмөсүнө кирип кетишет. Буларды күнүн бир жолу болсо да бириктирген, бири-бирине болго мээримди, ата-энелик, бир тууганды сүйүүнү ойготко ушул куттуу дасторкон. Ошондуктан кыргызда «Дасторконду тебелебе, дасторконду жаман жерге какпа Дасторкондо коюлган даамдардын ар биринен сөзсүз оо тий! Дасторконго коюлган нанды ыксыз эле ысырап кыл бербе! Сындырылган нан дасторкондо калбасын, а кечинде Меккеге барып келет. Эгер сынык болсо акса жете албай калат! Арам ойлуу адам келсе төрүнд тебелетпе, дасторконго жолотпо» - деген ырым-жырым ишенимдер бар.

Мына бүгүн да чогуу божурашып олтурушат. Төрд атасы, атасынын жанында агаларынан кичине болсо д Эмил. Ага удаалаш агалары Афтандил, Нуртилек Жүгүрүп кирген кенже кызы Нуржамал да атасыны жанына өтүп, оң тизесин баса отурду. «Нуска» - де эркелетишип, баары жакшы көрүшөт. Айрыкча Эмилг жакын. Экөө куюп койгондой окшош. Кыял жоругу да баскан-турганы, кыймыл аракети да. Эмилден кийин о жыл жүрүп анан төрөгөн Нусканы апасы. «Эже-синд болуп ээрчишип жүрсүн, эрке талтаң эң кенжеси болсун деп, көп дасторкон жайып, көпчүлүк кесиптеш достордун ак батасын алып, кудайдан тилеп алганбыз» - дешет ата эне. Балдардын апасы менен кол-арага жарап калган кызы Сүйүмкан ар бирине тамак куюп келди. Баары дасторко четинде. Өзүнчө эле чоң базар. Бекеринен «Балалуу үй базар» деп айтылбаган тура. Ата-эне ушул жашоосуна ыраазы болуп, мындан өткөн бакыттын кереги жок деп турушту. Балдарынын өмүрүн тилеп дасторконго бата

кылышты. Мындай көрүнүш бул үй-бүлөдө туруктуу адатка айланып калган.

***

Эмилди сааттын коңгуроосу ойготту. Эрте мененки дене көнүгүүсүн жасап, таза жуунду. Кечинде сабак даярдап олтурган ордундагы китеп-дептерлерин салыштырды. Анан апасы даярдап койгон эрте мененки тамагын ичип сабагына жөнөдү. Мектепке атайын жөө баргысы келет. Ошондуктан эрте турат. Сабактан кеч калып баргандан уялып, мугалим сабак өтүп жатса, оюн бузуп эшикти кыйчылдатып ачып, баарын өзүнө каратып класска кирип барууну адепсиздик деп ойлойбу айтор, башка курбу кыздар-балдардан да ошондой тарбияны көргүсү келет.

Үйүнөн чыгаары менен түндө көргөн түшүн эстеди. Түшкө нелер кирбейт. Бирок бүгүнкү көргөн түшү сонун түш болду. Анткени эңсеген эрдигине жетпедиби. Кожожаш мерген жердеген, анын бүтүндөй өмүрү өткөн Акылстим аскасында жүрүптүр. Алтургай Кожожашты да көрдү. Териден тигилген кийимдерди кийип алыптыр, бирок колунда мылтыгы жок. Айланасын бүт кайберендер курчап алган. Кожожаш аларга колундагы нанды туурап берип жатат. Эмил өзүнүн кылык жоругун да эстеп кетти. Үйүнөн бир нанды көтөрүп чыкчу да так секирип оюн салып жүргөн козуларга өз колу менен үзүп жедирчү. Быре этип күлүп жиберди. Эмил аскада эркин эле басып жүрөт. Жыгылып кетем деген коркунучтан алыс. Ордунан ойдулуп койсо эле учуп жөнөйт. Канаты деле жок. Ушундай эрдикти да эңсеп жүрчү. Учуп жүрүп капыстан Акылстимдин этегинде асканын башын тиктеп чөгүп жаткан төөлөргө көзү түштү. Ооба, тааныды, өзүнүн Актайлагы да жүрөт. Кубанганынан «Ак тайлак!» деп кыйкырып жиберди. Жанына учуп барды. Бирок Ак тайлак таарынып калган окшойт, тескери бурулуп кетти. Сүйлөй албаса да анын жүзүнөн, чоң көздөрүнөн «Сен келбей койдуң! Мени унутуп калдың!» деген сөздөрдү окуп

турду. Бир убакта эле алардан алыстап калды. Төөлө буркулдап агып жаткан сууга кирип сүзүп жөнөштү. Ко булгалап «Актайлак! Токто!» деп кыйкырып жаты ойгонуп кетти.

Көргөн түшүн кайрадан эстеп: «Актайлак мен сагынган окшойт» деп сүйлөнүп койду. Танапист мектептин жумушчу телефонунан атасынын жумушун чалды:

- Алло, ата сизби?

- Ов, Эмилтай эмне болду? Тынччылыкпы! – деди атасы эч качан мектептен телефон чалбаган уулуна та калып.

- Жөн эле, ата! Айылдагы төөлөрдү көрдүм Актайлак да жүрөт.

- Уулум, эмне деп жатасың? Аларды кайдан көрдүң – деп атасы чочуп кетти. Түшүнбөй жатты.

- Түшүмдө ата, түндө! – деди.

- Аа, балам! Ошентпейсиңби бая эле! Эсим чыкпадыбы! Айылды сагынгансың го! Мейли эми сабагыңа кир, кечинде үйдөн сүйлөшөлү, макулбу?!

- Макул ата! – деп атасынын «Айылды сагынгансың го!» деген сөзү кулагына жаңырып, бүгүнкү кыялын бү айыл ээлеп, ал тургай кыргыз тили сабагында Алтынай эжекеси жаздырган эркин дилбаянды да «Айылды сагынуу» деген темада жазды.

Атасы экөө дем алыш күнү Аксыга барышты Мурункудан кыйла өзгөрүптүр айыл. Жаңы-жаңы үйлө түшүптүр. Атасын ээрчип тууган-уруктарга мейманга барышты, сый көрүштү. Таятасы Касымбектин дыйкандын берекеси төгүлгөн түшүм талаасына да барышты. Жарыктык бул кишини бүт айыл сыйлайт. Бу чөлкөмгө коон-дарбызды биринчи алып келип эккен ушул киши экен. Өзүн тартып мээнеткеч болгон уул-кыздары турмуштан ордун таап, кемпири Салыйпа экөө бактылуу карылыкты өткөрүп жатышыптыр. Неберелеринин келгенин жетине албай кубанып турду. Таякеси Ооганбек болуп Бозбу тоосуна чыгышты. Бозбу чай терип

кайтышты. Анын касиеттүүлүгүн атасы айтып түгөтө албайт! Шерим кыштоосунда да болушту. Мал кармаган агасынын (атасынын иниси) балдары менен ышкын терди, балык кармады. Төөлөрдү да эсинен чыгарган жок. Актайлак менен кучакташып көрүштү. Тааныды. Унутпаптыр Актайлак. Азыр чоң төө болуп калган. Бирок Эмил аны дале өшентет. Ага коюлган аты ошондой. Анан көргөн түшүн эстеди. Чын эле алар көбөйүп калышыптыр. Ал тургай жаңы туулган тайлак тайраландап энесин ээрчип жүрөт. Жанына барсаң адамдан качат. Көнбөгөн да! Эмил үчүн эстен кеткис эс алуу болду. Көңүлсүз, ызычуу шаарга кеткиси келбей турду. Атасы макул болсо кала бермек. Кайдан… Апасын сагынат да! Досторучу! Эгер шаарда шарт болгондо Актайлакты да ала кетмек. Мектебине аны минип барып, мектептин алдындагы чоң өрүккө буйлалап коймок. Кыялында ушинтип жатты…

***

Эмил бой жетип келбеттүү жигит болду. Узун бойлуу, ак жүздүү, көздөрү өзү сүйгөн Ак тайлактын көздөрүндөй балбылдаган, чачын ар дайым кыска, өзүнө жарашыктуу жасалга менен алып жүргөн, өз боюн таза кармаган, тыкан кийинген, оор басырыктуу, ар дайым башкалар үчүн кам көрүп, жароокер болуп чоңойду. Убакыт желдей жортуп минтип 11-класста окуп жатат. Эртеңки келечек ээси. Мектептин босогосунда канат күүлөп, учууга шашып турган бүтүрүүчү. Өзү курдуу классташтары менен окуучулук күндөрдү өткөрүп жатат. Жеңижок акын «Балалык» деген ырында:

…Он төрткө жашы келгенде,
Дердейип калат кичине.
Келин-кыз кирип түшүнө…
… Он жетиге барганда
Ой тоону кезип ышкырат,
Ойлонуп бир аз иш кылат.
Ой-санаасы жок болот
Оюндан көөнү ток болот.

Он сегизге барганда,

Ооматы келген кези экен… - деп балалыктын ар бир дооруна токтолгон эмеспи. Эмил он сегизге кадам таштап, ооматы келип турган чагы. Бой-башын түзөп, маалынан эрте жетилип, кең далылуу кермурут жигит болду. Кыздар менен өтө тез тил табышып, дайыма аялзатына болгон урматын бийик коет.

Башка класста окуган Гүлзатка болгон, балалык баео сезиминде жашаган, аруу сүйүүсүн кимдир бирөөгө айтып жарылгысы келет. Кыялында аны менен кол кармашып көктө жүрөт. Кээде суу бойлоп сыр чечишет. Бири-бирине башын жөлөп, махабат ырын ырдашат. Мунун баары балалык сезим.

Танапис учурунда Гүлзатка жолукту. Биринчи кабатка жүгүрүп түшүп баратып капыстан бирөө менен жөөлөшүп кетти. Караса көз салып жүргөн селкиси. Билдирбейин десе да экөө тең кулагынын учуна чейин кызарып кетишти. Бириси да эч кандай сөз айта албады. Басып кетишти. Сабак бүткүчө жароокер селкинин көз карашы эсинен кетпей, «Эмне үчүн бир сөз айтууга кудуретим жетпеди? Сүйөм! деп айта алат белем! Каап! Мүмкүнчүлүктү колдон кетирдим!» деп ойлонуп жатты.

Үйүнө келип алгачкы жолу кат жазууга киришти. Бир топко ойлонуп олтурду да төмөндөгүдөй ыр саптарын жазды:

Суктантат сенин басканың,

Сунушум айтам четке какпа ын,

Кол кармашып көктө сызалы,

Жаратып бирге махабат дастанын – кайра-кайра сызып, оңдоп жазганы ушул болду. Башка канчалык аракет кылса да эч нерсе жаза албады. Бир топтон кийин өзү жазган ырга кайра өзү жооп жолдоду.

Айтканың кантип четке кагайын,

Түн менен кошо ай болуп барайын.

Нурумду чачып, жүзүңдөн аймалап,

Сүйүүнүн тумарын өзүңө тагайын – деп жазды. «Кана эми ушундай болсо!» деп күлүп жиберди. Жазган

эки куплет ырын актай баракка башкадан катасыз, ар бир тамгасын шурудай тизип көчүрүп жазып, учуру келгенде окуп берем деген ой менен чөнтөгүнө салып алды. Анан сүйгөн кызын түшүндө көрүш үчүн таттуу уйкуга кетти.

***

Акыркы коңгуроо. Мектеп шаңга толуп, баары мугалимдер, окуучулар да жарашыктуу кийинишкен. Балдардын колунда эже-агайларына арналган кучак толо гүлдөрү жүрөт. Салтанатуу линейканы мектептин директору ачып, андан кийин келген коноктorго, ата-энелерге, бүтүрүүчүлөрдүн класс жетекчилерине сөз берилди. Айрыкча класс жетекчилер сүйлөп жатканда баары толкундангандан жашып кетишти. Кечээги мотурайган наристелердин канат күүлөп учуп жатканына бир чети кубанып, бир чети ичи туз куйгандай ачышып жаткандыгын таасирдүү сүйлөп берген алардын биринчи мугалими окуучуларды ыйлатты.

Азем бүтүп тарап баратышканда Гүлзат акырын эч кимге шек туудурбай басып баратып Эмилге кылдат оролгон ак кагазды карматып кетти. Жигиттин таң кала карап: «Бул эмне?» деген суроосу жоопсуз калды. Кыздын жүзүнүн анардай болуп кызарып, күйүп-жанып жатканы даана байкалды. Кантсе да тайманбас, эрктүү кыз экен.

Биринчи жолу кат алып, терисине батпай учуп, толкунданып өзүнчө эле кудундап, баарына кыйкыргысы келди. Тезирээк эле окуп, каттын ичиндеги сырды билүүнү каалап турду. Эң жакын досу Санжарга айтып бөлүшкүсү келди көрүнөт, аны сүрөткө түшүп жаткан балдардын ичинен издеп тапты:

- Санжар, жүрсөң! – деп четке тартты.

- Эмне болду? Жүр сүрөткө түшөбүз!

- Кое тур, андан да маанилүү маселе бар! Ээнирээк жерге баралычы! – деп шаштырды. Тез эле ачып окугусу келди.

- Ким? Бирөө бир нерсе дедиби? Айтсаң!- досунун шаштырганынан чочуй сурады.

-Жок, жок эң сонун нерсе. Албетте мен үчүн сонун да! Сени билбейм! Жөн эле кубанычымды бөлүшсөм дедим эле!

- Андай болсо жүр! Кеттик!

- Кайсыл жерге баралы?!

- Паркка, Акбууранын боюна баралычы! Салкын, эч ким тоскоол болбойт! Кеттик! Экөө жарыша чыгып болжогон жерге барышты. Акбууранын бою, тулаң чөп, дарактардын көлөкөсү тийип, нарыда шаркырап суу агып сонун жер экен. Олтурары менен эле чөнтөгүндөгү катты алып чыкты.

- Ох-хо, кеп бриякта тура! – деп досу Эмилди далыга чапты.

- ?!

- Кайсы селкиден? Сыр болбосо билсек болобу?

- Азыр билесиң! Сыр болсо сага окутмак белем. Мен сенден эмнени жашырып жүрдүм эле?! – деп катты ачты. Колдору кадимкидей калтырап, барак кыймылдап жатты. Жүрөгү дүкүлдөп алда кайда алып учуп баратты. Өзүн мынчалык тынчсызданам деп ойлогон да эмес. Кат ыр менен башталыптыр. Сулуу, татынакай тамгалар менен жазылыптыр. Эмилге ошондой көрүндү.

«Тоо койнунда суу агат,
Токтолбостон шар агат.
Ушул жазган кол жазмам,
Тосуп ал жигит баратат.

Токойдо өскөн карагай,
Токтобой өсүп баратат.
Ушул жазган кол жазмам,
Эмил сага арналат.

Эмил, жаман ойлобо! Озунуп кат жазганым үчүн кечирим сурайм. Кыз биринчи кат жазбайт деп көп айтышат. Ошондуктан ыңгайсыз болуп турам. Эмне кыз сүйсө айып болобу? Мен аларга кошулбайм.

Жароокерим! Ушинтип атагым келди. Күн сайын танапис учурунда карааныңды көргөнгө каниет кылып

жүрдүм. Телефонуңду классташ кыздарыңдан алдым, батынып чала албадым. Анан адеп сабагында «Махабат» деген теманы өтүп жатканда агайдын бизге берген сүйүүнү бетке айткан жеңилби, телефондон айтканбы же кат жазганбы? деген суроосун эстедим. Ойлоп көрсөм телефондо айткан деле кыйын экен. Жолугуп бетине айткан андан бетер. Мен ушул жолду тандап алдым.

Жароокерим! Сени менен тиктешкенде делбиреп, айтаарга сөз таппай калам. Ал чексиз сүйгөндүктөн болсо керек. Билесиңби, бир жолу үйүңө телефон чалсам сен алдың. Бирок мен эч нерсе айта албадым. Көпкө турдум. Жиниң келип урушпадың. Мен экенимди байкадыңбы, билбедим? Жөн гана «Кимсиңер? Сүйлөбөйсүңөрбү? Эмне катып калдыңар? Мен Эмилмин!..» дедиң да тыңшап турдуң. Мени көрүп .тургандай уялып кетип телефонду дароо коюп койдум. Мына сени ушинтип күзөтүп жүрөм.

Сенин көз карашыңды сагынам. Кайра-кайра жолугуунун амалын издейм. Жок дегенде мектебибиздеги кууш коридордо болсо да. Жөөлөшө калганда каректериңден айтылбаган, жүрөктү кытыгылаган сүйүүңдү окуйм. Дал ошол жерде көкүрөгүңү башымды коюп сени менен кошо кыялдангым келет.

Жароокерим, айтаар сөзүм көп. Бирок сүрдөп таппай жатам. Оюмдагыны жеткире алдымбы? Сага болгон чексиз сүйүүмдүн коңгуроосун чала алдымбы? Билбейм! Айтор өзүң тыянак чыгар! Аман бол, Жароокерим! Сени аңдыган Гүлзат!» деген мазмунда жазылыптыр. Санжар досунун тамылжып турган жүзүн көрүп, аны кучагына кысып «Ураа!» деп кыйкырып жиберди.

- Ураа! Ой укмуш! Просто Чудо! Азаматсың досум! – чыныгы достук менен кубанып, алтургай өзү сүйүп жаткансып анын да жүзү албырып чыкты.

- Мен мындайды күткөн эмесмин!

- Күтпөсөң эми күтөсүң! Сүйөсүң! Азыркы замандын кыздары кыйын эй! Өздөрү кат жазып! – эмне дейсиң дегендей Эмилдин жүзүнө тигилди.

- ?!

- Түшүнүп турам! Деги сен сүйөсүңбү аны? Сымбаты келишкен кыз! Пай-пай! – деп башын чайкады.

- Сүйөм! Сүйгөндө да кандай! Мен өзүм кат берейин деп жаткам! – деди бир чети досунан кызганып кетип. Ошентип эки дос Эмилдин ага жазган катын да көпкө талкуулашты. Жообун кантип, кимден берерин пландаштырып да жиберишти. Бирок кыздын тартынбай өзү бергенине таң калышты.

Башка бирөө аркылуу берем деген катын кантип өзү бергенин байкабай да калды. Мамлекеттик экзаменде кыргыз тилинен дилбаян жазып жатышкан, Эмил эрте бүтүп сыртка чыкты. Аңгыча артынан акмалагандай Гүлзат чыгып жүрөт. Кыз уялганынан кайра артына кире качайын деди эле үлгүрбөй калды: «Гүлү, токтосоң! Мен сага бир нерсе берейин дедим эле!» деген үндү угуп токтоду. Эмил жүгүрүп келип чөнтөгүндөгү аяр сактап жүргөн катын сүйгөн кызына берди. Экөө тең бир сөз айта албай бөлүнүп кетишти. Беттери кызарып, бирөө катын берип чоң эрдик жасаганына кубанып, экинчиси колуна тийген катты ача албай калтырап турду.

Кеч үйүнө аябай көңүлдүү келди. Атасы үйдө гезит окуп олтуруптур. Кийимдерин алмаштырып атасынын жанына келип, бере турган суроосун белендеп, бирок уялып жатты. Акыры бел байлап, чымырканды:

- Ата!

- Ии, балам! Эмне болду? – деди гезиттен башын көтөрбөй атасы.

- Бир нерсе сурайын дедим эле!

- Сура, садагаң кетейин! – башын көтөрүп баласына тигилип – аябай кубанычтасың го! Кандай акыркы майрам жакшы өттүбү?

- Жакшы өттү, ата!

- Сура эмнени сурайын дедиң эле?

- Кыз бала биринчи сүйүүсүн билдирсе кандай болот?

-?! Суроого таң калды. Мындай суроону күткөн эмес.

- Жөн эле ата, оюңузду билейин дегем!

- Балам, ар адамдын жашоого, сүйүүгө, өзүнүн тагдыры үчүн күрөшүүгө акысы бар. Биз намыс деп эле аялзатын кор тута беребиз. Биринчи болуп кыз бала сүйүүсүн билдирсе боло берет. Ким болсо да кабыл алыш керек! Туура кылат! Ал качан мага айтат деп карап отурабы! – деди.

- Рахмат ата, жакшы сунуш айттыңыз! Рахмат! – деп ыраазычылык билдирди. Анан атасы оюн, жашырган нерсесин билип койгондой уялып кетти. Бирок сыр бербеди.

Ар бир баласынын бой салып өсүп бараткандыны ата-эненин кубанычы да. Баласынын сүйүүгө кабылганын кыраакы ата байкады. Эмил кийин да көп ирет атасына билдирип койду. Гүлзат менен телефондо сүйлөшүп жаткан учурда келип калчу. Атасынан сүрдөгөнүнөн жүзү албырып, айтаар сөздөрүн таппай да калып жүрдү.

Экөө тең студент болуп турмуштун дагы бир шарданына кошулушту. Азыр мурункудай бири-биринен сүрдөп качышпайт. Сыр чечишет. Айрыкча айдын толгон учурун күтүшөт. Эки ашыктын күбөсү толгон ай болуп, жарыгы кара түн курчаган жерлерди агартып, адамдардын сезимине жакшы ойлорду уялатат. Жарыгы сууга түшүп чубалат, мээлүүн соккон жел менен кошо ыргалган тал-теректердин көлөкөсү айдын жарыгында айлананы кооздукка бөлөйт.

Бүгүн да айдын толукшуп турган кези. Эки ашыктын жолугушаар учуру. Эмил күзгүнүн жанына келип, сууланган чачын бешенесин көздөй кылдат тарап, атырдан кайра-кайра себинип, күзгүнүн жанынан өзүнүн келбети качан купулуна толгондо гана жылат. «Гүлзат да ушинтип жаткандыр»- деп ойлоп коет.

***

Кыз-жигит кыналышып келатышты. Ынактыгына, аруу сезимдеринин тунуктугуна суктантышып. Дегеле бойлору да өлчөп койгондой бирдей, баам салган адам: «Төгөрөгү төп келген эки жаш»- деп айтаары бышык.

Буларды неберисин жетелеп бараткан буурул чач аял бурулуп карады, өзүнүн жаштык кезин эстеп кетти окшойт.

Эч нерседен капарсыз кобурашып бараткан Эмил менен Гүлзат суу боюнда ыйлап отурган кызга көңүл бөлбөй кое албады. Көчөдөн өтүп бараткан адамдар карап, таң калып бир топ жерге баргыча кайра-кайра кылчайып кароо менен алек. Кыз өпкө-өпкөсүнө батпай солуктап күчүн көз жаштан чыгарып жатат. Өтүп кетишип анан кайра кайрылышты. Эмилдин табиятынан боорукердик сапаты бар. Айрыкча ыйлап жаткан адамды көргөндө, мууну бошоп, аео сезими ойгонуп, сооротkусу, керек болсо жардам колун созгусу келет. Бүгүн да ошентти, кызга жакын келип:

- Чоң кыз, сизге эмне болду? – деп суроо узатты. Кыз болсо жооп бериштин ордуна андан бетер күчөп ыйлап кирди.

- Көп ыйлабаңыз, баары таңыркап карап жатышат! Уят го! Кандай жардам керек?! – деди.

- Эже, ыйлабаңызчы! Биз жардам берели! – деп Гүлзаттын ыйлагысы келип кетти.

- ?!

- Колумдан келген жардамымды берейин! Жүрүңүз элден далдараак жерге барып, жүзүңүздү жууп, өзүңүздү басып алыңызчы! – деди бир аз басаңдагандан кийин. Ыйын токтотуп, өзүнө келди да:

- Рахмат! Мага дагы көңүл бурган, абалымды сурагандар бар экен да! – деп дагы жашый түштү.

- Жүрүңүзчү, бир жерде жай олтуруп, чай үстүндө сүйлөшөлү! – деп кызды жайкы кафеге баштап кириншти. Атасынын ар дайым айтчу: «Балам, мусапыр болуп, өксүп турган адамдан эч нерсе аяба! Кудайым сага өзү берет!» деген кебин эстеди. Кыз ысык чай ичип, бир аз өзүнө келди.

- Чоң кыз, сыр болбосо эмнеге мынча кайгыга баттыңыз? Сизди ким капа кылды? – деген суроону ыңгайсыз болсо да сурады. Үнсүз бир чекитке тигиле бир аз турду да кеп баштады:

Айрыкча бүгүн мээримге, жакшы сөзгө, кубаттоого муктаж элем. Таянган, менин бар бактым кыйын абалга түш болуп калды. Буга чейинки көргөн күнүм деле жетишерлик болчу мен үчүн. Ушул да кем беле! Башымдан өткөргөнүмдү сага айтып берейин. Өзүң тыянак чыгарарсың. Боорукерлигиңе рахмат! Кудай ыраазы болсун! – деп жашып кетти, жүз аарчысы менен көз жашын аарчыды, терең улутунуп алды:

Ошол күнү менин туулган күнүм болгондуктан, сүйлөшүп жүргөн жигитим экөөбүз кечке шаар айландык. Сулайман тоого чыгып, аруу тилектерибиздин ишке ашышын жаратквндан сурандык. Эстелик үчүн сүрөткө түштүк. Күн кечтеп калганда үйгө кайттык. Окуу жайдын жатаканасында жашачумун. Кечки шаарда жай басып жатаканга жакындап калганбыз, аңгыча бир кара машина бизден өтө берип токтоп, ичинен төрт эргул чыкты. Алар бизден №2 жатакананын кайда экендигин сурады. Жооп берип үлгүрө электе, жигитимди түртүп жиберип мени көтөрүп жөнөштү. Коркуп кеткенимден үнүмдүн барынча кыйкырып жибердим. Артымдан чуркаган жигитимди экөөсү тепкилеп жиберишти, машинасын жүргүзүп, менин каршылык көрсөткөнүмө карап да койбостон жөнөштү. Жигитим болсо оозунан жемин алдырган куштай болуп, жер тепкилеп кала берди.

Эх арман, торго түшкөн куштай тыпырап далбас уруп баратып, бактым байланып, гүлдөй соолурумду кайдан билдим? Түн бир оокумда айылга жеттик.

Үрүп чыккан иттер гана болбосо баары тегиз уйкуда. Үйгө алып киришти. Көйнөк, жоолугун көтөрүп ары-бери чуркап, мага көйнөк кийгизе албай кыйла убараланышты. Мен: «Баарыбир калбайм, убара болбогула!» - деп алдыма келгенди чапчып жаттым. Кимдир бирөөнүн «Алып качып кетсе, үйүңдөн бирөө бармайынча көйнөктү кийбей туруш керек экен» деген сөзү эсимде калыптыр. Түзүк эле аракет кылдым кийбешке. Эсимди жыйганда көйнөктү кийип, жоолукту салынып олтурганымды билдим. «Апам келгенде кием» деп жаткам, чоң энеме окшогон кемпирдин:

«Азыр кийип тур садагаң кетейин, апаң келгенде каалабасаң чечип коесуң» деген сөзүнө эркеп кеткен окшойм, али ак-караны ажырата элек, аруу сезим, бала кыял жаным ага ишениптирмин.

Кызыгы эртеси, апам менен жеңем келгенде башталды. Апам чамынып, кийгендеримди чечип таштап жетелеп жөнөгөндө, сыртка чыгарбай сексенге таяган кемпир астанага олтуруп алды. Салтың менен куруп кет, ыйлагың келип кетет кыргыздын ушул салтына. Ал кемпир: «Ылайым менин жашыма жет, ушул үйдөн бакыт тап. Таш түшкөн жеринде оор. Мени аттап кетсең кесир болот» - деп божурайт. Апам эмнени ойлоду билалбадым, ошол чүкөдөй болгон кемпирдин эркине баш ийип берди. А менде болсо эки анжы ой турду, биринчиси: жаман үй-бүлө көрүнбөйт, күйөө болчу жигит деле дурус эле окшойт, кала берсем кантет, а экинчиси: жигитимдин абалы, анын тепки жеп, менден айрылып, телмире тиктеп, айласыз калганы көз алдымдан кетпеди. Бирок, кантсе да кыргыздын салты мени баш ийүүгө мажбур кылды.

Бир акындын: «Ак жоолукту кыйгач байлап назданып, мен өзүңө болбой калдым колукту» - деген ыр саптарын дилимде кайталап, бөтөн үйдүн келини, бөтөн жигиттин жары болуп кала бердим. А мен сүйгөн, алгачкы сүйүүмдү арнаган жигитчи?..

Бир айдын кантип өткөнүн байкабай деле калыптырмын, мен күткөн, мен эңсеген турмуш болгон жок. Көңүлүң болбосо, көөдөнүң муңга толот экен. Сырымды бөлүшөөргө эч ким жок бук болуп кеттим. Сырдашаар жолдошум, кимдир бирөө айткандай «Эрекейим» болсо өзүнчө эле бир башка адам. Күндөн күнгө көңүлүм калып баратат. Баскан-турганы, сүйлөгөнү, жадагалса уктаганы да жакпайт. Кызганчаактыгын кантесиң. Эң бир жаман сапаты, мен эмне десем аны кайын энеме жеткирип тургандыгы, аялдардай майда сөз, ушакка жакын экен.

Келгениме араң эки айдын жүзү болсо да, кайын энем экөөбүз көп тирештик. Ал дагы «эрекейимдин» майда

сөздүгү, ушакчылыгынын айынан болду. Акыры чыдабадым, баарына кол шилтеп, төркүнүмө баса бердим.

Менин келгеним ата-энеме жаккан жок. Албетте, алар өз кызын жээримек беле? Элдин «паланчанын кызы эрден чыгып келиптир» деген суук сөзүн укусу келишкен жок. Бир туугандарыма түрткүнчүк болдум. Үйдө кичине чыр-чатак болсо да мен үчүн чыгып жаткандай, жаман сөз айтылса мага айтылгандай болуп турат. «Чыккан кыз чийден сырткары» деген сөз бекеринен айтылбаган тура. Баарына көндүм, чыдадым. Кайын журтум канча жолу келишти, ата-энем да жараштырууга аракет кылышты. Бирок, мен көгүмө таяндым, беттегенимди бербедим. Алар түңүлүп, ата-энем түшүнүштү окшойт, акыры өз эркиме коюшту.

Убакыт куштай сызып төрт жыл байкалбай эле өтүп кетиптир. Көөдөндү көңүлсүз жагдайга түшүктурган көп окуялар тагдыр жаздымында жашырынып калгандай. Пенде болгондон кийин аргасыз бардыгына көнөт экенсиң.

Кыларга жумуш жок үйдө чыдап отура албадым. Керегинче акча камдап, Карасуунун базарына соодага чыктым. Алгач абдан кыйналдым, эбин таап жөнгө салыш кыйын экен. Акырындап көнүп кеттим, бекеринен айтышпаган тура сооданы «саан уй» деп. Эбин тапсаң, бирге эки кошулат, бир сомуң эки сомго айланат.

Турмушка чыкканымды, жубан экенимди деле унутуп коюптурмун. Капысынан жылдыздуу жигиттерди көргөндө, аларга суктанып сүйүү сезими күчөп башкача дүйнөгө түшүгам да, кайра баштан ылдый денеме бирөө муздак суу куюп жибергендей чыйрыга түшөм. Тагдырды жектейм, жубан аталып, жаш жигитти сүйүүгө акысыз экенимди эстеп ичим ачышат, тирүүлүктөн кечким келет. Бирок, тумандуу, бүдөмүк болсо да, келечектен жагымдуу кабар үмүттөнөм, үмүт шооласы үзүлбөйт тура…

Базарда күндөлүк турмушка керектелчү майда-чүйдө сатам. Бир күнү соодада олтуруп кызык окуяга туш болдум. Бир келишимдүү жигит жүзаарчы сатып алды.

Баягы жигитке карап, өз абалымдан кайра чочуп анын элеси эсимде жакшы сакталып калыптыр, эртеси дагы келип жүзаарчы алды. Кечээгисин жоготуп ийгендир деп ойлодум. Андан кийин ал күн сайын келип, бирден жүзаарчы сатып алчу болду, таң калдым. Келгендеги сөзү баягы эле, ашыкча сөз айтпайт.

- Чоң кыз, жүз аарчыңыз канча турат?

- Он сом…

- Мага кайсынысы ылайыктуу?

- Мунусу жакшы го?

- Сиз жактырганыңыз мага жагат, - деп акчасын төлөп, сырдуу жылмайып кете берет. Ар дайым жашыл түстөгүсүн алат, ошол түстү жактырат окшойт. Бул көрүнүш күндөгү көнүмүш адат болуп калды. Ал жигитти күндө күтчү болдум. Мына дагы келатат, алыстан эле тааныдым. Шыңга бойлуу, тегерек бет, тармал чачтуу, шыпылдап баскан шайдоот жигит. Аны көргөндө эле жылуу сезим жүрөктү кытыгылап, бул бактыңды колдон кетирбе деген күлүк ойлор кулагыма шыбырагансыйт. Ал ойлор менен алпурушуп, анын алдыма келгенине, сүйлөгөн сөзүнө деле назар салбаптырмын.

- Катуу ойго чөгүпсүз го, чоң кыз, - деген үндөн улам селт эте түштүм.

- Мынча жүзаарчыны эмне кыласыз? – али жүзаарчы сурай элек болсо да ушинттим. Ал бир аз жылмайып тиктеди да:

- Анын тарыхы узун, макул болсоңуз ыңгайлуу жайда олтуруп кенен сүйлөшөлү. Сизге сактап жүргөн аяр сөздөрүм бар эле, дараметиңиз жетсе уксаңыз жакшы болмок!

- Качан?

- Кааласаңыз бүгүн эле.

- Бүгүн убакыт жок, эртең ойлонуп көрөйүн, - дедим.

- Анда эртең келем, - деди да жашыл жүзаарчыдан бирди алып жөнөп кетти. Аны узата тиктеп үнсүз телмирдим.

Ошентип эртеси жолуктук. Ал экөөбүз кафеде олтурабыз. Башынан өткөн оор тагдырын айтып берди. Ыйлап да алды. Мен да ыйладым, жубатаарга сөз таба албадым.

Анын тагдыры кыйчалышкан узун сабак сөз болот экен айта келсе. Ата мээриминен ажал айрыса, эне мээриминен турмуш айрыган, жыргал жашоону атаа кылбаган бактысыз деп эсептейт өзүн.

Атасы бир чоң ишкананын бакыйган бир башчысы эле. Коллективдин, жоро-жолдошторунун алдында кадыр барка ээ жетекчи, сүйүктүү дос, үй-бүлөсүнө камкор ата болчу. Айрыкча баласы дегенде үйрүлө түшүп, ичкен ашын жерге кое койгон, дайыма жүзүнөн күлкү кетпеген, жоон, бек-бек сүйлөгөн атасы азыр болсо кана?!

Атасы кайсы бир себептер менен башка жумушка которулат. Ал жумушунда да мурдагыдай жагымдуу чөйрө түзүүгө көп аракет жумшап, максатына жетип, ошол тармактагы ишканалардын эң алдыңкысы катары республикага таанылат. «Жакшынын душманы көп» - деген сөз ырас белем, улам бут тосуулар, ушак сөздөр көбөйүп, акыры көрө албастардын курманы болот. Жыл айланбай апасы башка бирөөгө турмушка чыгып, жети жашар бала чоң атасынын колунда калат. Мына кыйчалышкан тагдыр ушинтип башталат.

Чоң атасы сөзмөр, акылга бай адам болгондуктан, бала чоң атасын тартып чынчыл, куюлуштура сүйлөгөн, сымбаттуу жигит болду. Мектепти аяктаган соң, чоң атасы бир өгүзүн сатып окууга өткөрдү. Аябай тырышып окуп, Турциядан, Аравиядан билим алып келди. Түрк, араб тилдеринде эркин сүйлөйт. Анкарада окуп жүргөндө чоң атасы көз жумду, топурак сала албай калганына абдан өкүндү, айла жок, жол алыс эле!

Туулган жерине келип эле чоң атасынын мүрзөсүнө барып, куран окуп, бата кылды. Көкүрөгү муңга толуп ыйлап жатты. Не деген асыл сөздөрдүн чалкыган деңизи соолуп, таянар тиреги урап өксүп турду. Бул дагы

тагдырдын мага жасаган бир келтеги болсо керек деп оор үшкүрүп алды…

Чоң атасынан айрылгандан кийин билимге болгон кызыгуусу өчүп, күнүмдүк жашоо менен алп урушуп, соодага киришип кетти. Иши жакшы жүрүшүп, шаардан үй сатып алды. Анан үй-бүлө күтүп бала-чакалуу болуу оюна түшкөндө бир топ алдастап калды, ушул убакка чейин бир да кызга жылмаңдап күлүп, өзүнө тартпаптыр, далай кыздар артынан ээрчип, карап да койбогонуна ыза болуп кала беришчү.

Ошол күндөрдө Толкунай аттуу кыз менен таанышып калат. Ал кыздын апасы базарда өзүнүн каршысында соода кылчу. Дем алыш күндөрү апасына жардамга келген ал кыздын ай чырай сулуулугу кайдыгер калтырбады. Экөө жакындан таанышып, ал тургай сырдаш болуп кетишти. Кыздын апасы Кытайга каттайт экен, айтор акчаны саман ордуна сапырган бай үй-бүлөлөрдөн.

14-февраль сүйүшкөндөрдүн майрамын эки жаш бирге өткөрмөк болушуп Ошко келишип, ылайыктуу кафеде олтурушту, жалындаган жаштыкка мас болушуп, ырдап-бийлеп шаңдуу олтурушту. Өмүрүндө ичимдик оозуна албаган жигит кызга азгырылып аябай көп ичти. Эсин жоготкуча ичти. Ал эми амалдуу кыз болсо өз максатына жетээрине эми чындап ишенди…

Эрте менен башы ооруп араң ойгонгон Ариет көргөн көзүнө ишенбеди. Кечээги абалын, бул жерге кандай келгенин эстейин деп канчалык ой жүгүртпөсүн, эч майнап чыкпады. Эстей албады.

Кантип?.. Кооз жасалгаланган бөлмөдө, аппак шейшепте экөө бирге жатат. Толкунай мемиреп уйкуда. Башын мыкчып акырын туруп кийине баштады. Эмне болгонун түшүнбөйт. Аңгыча кыз да ойгонду. Ал жигитке суроолуу карап:

- Эмне кылып койдуң, алтыным? – деп эркелей сүйлөдү.

- Билбейм, бул жерге кантип келдик?

- Мен да билбейм, экөөбүз тең мас болуп калыптырбыз.

Туура эмес иш жасадык. Эми экөөбүз бир үй-бүлө болдук. Турмуш куруудан башка айла жок, - деп ыйламсырады.

Сөздөрдүн андан аркысы кулагына кирген жок, буулуп аба жетпегендей кыйналып кетти. Балконго чыгып, таза абадан терең дем алып, абдан ойлонду. Кылган ишине өкүндү. Кой дээр кожосу жок, той болсо жандаар жеңеси жок, кыз эмес экен деп ким айтмак эле? Мага татыктуу жар болсо болду, кызга убал, колум менен жасадымбы, мойнум менен тартам. Толкунайга үйлөнөм деп чечти.

Амалдуу кыз болсо ойлогон ою оңой-олтоң ишке ашканына, максатына жеткенине кубанып жетине албады. Мына ушинтип айлакер кыздын тузагына илинди.

Жигит тойдун камын көрүп жүрүп апасын эстеди. Ошол турмушка чыгып кеткен боюнча бир да жолу баласына басып келген жок. Же баласы бой жеткенден бери апам бар эле деп издеп барбаптыр. Апасынын азыркы турпатын көз алдына элестетип, энелик мээримди, апасынын күлкүсүн сагынып кетти. Келиндүү болоорун укса кубанса керек деп ойлоду.

Апасын издеп тапты. Баласын тааныбай деле калыптыр. Таанымак турсун, баласы бар экендигин унутуп кала жаздаган тура. Гээ баягы атасы тирүү кезиндеги энелик мээриминен, күлкүсүнөн эч нерсе калбаптыр. Ташбоор, мерез энеге айланганын көрүп, келбей эле койбой, мындан көрө апам бар деп жүрө бергеним артык эмес беле деген ойго келди.

Ал эми уйкудан туруп чайга олтурганда бир досу издеп келиптир. Сагынышкан достор кучакташып көрүшүштү.

- Досум, сени үйлөнөт деп уктум, ушул чынбы?–деп сурады.

-Убакыт жетип калган турбайбы. Андан көрө куттуктабайсыңбы?- деди.

- Толкунайгабы? ...

- Аны кайдан уктуң? Тааныйсыңбы?–деп суроолуу карады.

- Тааныган үчүн, сага күйгөн үчүн келип олтурам! Башка кыз жок бекен? Угуп алып чыдап тура албадым!

- Түшүнбөдүм?

- Сен кандай кабыл аласың билбейм? Ал кыз сага ылайыксыз! Мен аны билем! Ал шуркуя сени кармаган экен да! Эх, сенин ишенчээктигиң! Андан кутулуштун өзү сен үчүн чоң жеңиш болот! – деп анын соо кыз эместигин, кайсы балдар менен байланышы бардыгын, ал жөнүндө көп маалыматтарды айтып жатты. Аларды угуп, ичинен миң кайталап тайкы тагдырды наалып жатты. Мына ушундай тагдырды башынан өткөрүптүр.

Бир топко үнсүз олтурдук. Арадагы тынчтыкты жигиттин сөзү бузду:

- Атыңыз ким? Экөөбүз тең каткырып жибердик. Ушунча сыр төгүшүп атыбызды эми сурап жатсак күлбөй анан.

- Атыргүл - дедим күлкүмдү араң тыйып.

- Жакшы ат экен, менин атым Ариет - деди. Андан жүзаарчынын баянын сурадым. Ал мага ушунчалык башкача көз караш менен тигиле карады да:

- Ал жүзаарчыларда жаңы жолуккан сүйүүмдүн элеси жатат! Жүзаарчыларды карасам көңүлүм тоет, кечинде аларды башыма коюп уктайм. Түшүмө жүзаарчыңызды алыстан булгалап сиз киресиз. Сизди көрүш үчүн күндө зарыл болбосо да барчумун, муну сизге болгон чексиз сүйүүм деп билиңиз, - деп баяндады.

Каш карайганча сүйлөшүп олтурдук. Дегеле, сөз учугу түгөнбөчүдөй. Ал ичиндеги бүт сырын төгүп таштады. Мага ашык болгонун, бир аз күтө турсам курулай дооматтан, айлакер кыздан кутулуп, мага үйлөнөрүн, макул болсом азыр эле кол кармашып, бөтөн жерге качып кетерибизди жалооруп тиктеп олтуруп саймедиреди.

Дагы, ошол кыздын абийирине кол салган жигитти иликтеп олтуруп тапканын, ал аскерде экендигин, анын айтуусуна караганда кыздын өз каалоосу менен болгонун айтып берди.

Караңгы кирип, түн бийлиги өкүм сүргөндө гана кафеден чыктык. Ал мени такси менен үйгө жеткирип койду. Ал учурда Толгон ай көөшүлүп, жай жылып алда кайда кетип бараткан. Айдын жарыгы сырыбызды бөлүшкөндөй терезеден нурун чачып, үй ичин жарык кылып туруптур. А азырчы? Ошол менен капилеттен тапкан махабатым? Мага тагдыры окшош, турмуштан жолу болбогон Ариет дагы тагдырдын сыноосунда турат. Экөөбүз бир болууга ант ичкенбиз! Антыбыз аткарылабы! Айла таппай турам!

Угуп олтурган Эмил чыдабай кетти.

- Дагы эмне болду Ариетке?

- Кечээ жол кырсыгына учурап, реанимацияда жатат! Жаман ойлобоюнчу! Эгер … Көргөн күнүм эмне болот? Мына ушундай, силер менен буга чейин тааныш болбосом да, жардам колун сездуңар, сен ата уулу экендигинди сездирдиң! Атаңа, сени төрөгөн энеңе рахмат! Экөөң бактылуу болгула! Силерди эч ким ажыратпасын! Эрктүү, сүйүүгө туруктуу болгула! – андан ары сүйлөй алган жок. Үн-сөзсүз бышактоо гана угулуп жатты. Эми аны токтотууга эч кимдин күчү жетпес эле.

***

Акча табуу үчүн баары эле агылып Россияны көздөй бет алып, жолу болсо жакшы иштеп байма-бай акча жөнөтүп, үй салып, машина алып кыйла бутуна туруп, эл таттуу турмушун өткөрүп жатышат. Жолу болбогондор да бар. Бар малын сатып, жолго төлөп барарын барып, иштерге жумуш таппай, же документи жок милицияга түшүп депортация болуп кайтып келгендер да жок эмес. Жашоо үчүн күрөшүп, турмуш агымы менен агууга аргасыз көнөт экенбиз, башка түшсө байтал жорго деген ушул. Канткен менен жараткан ар бирибиздин

ырыскыбызды ар жерге сээп коет тура. Кайсыл жерден буйруса ошол жерден терип жейт окшойбуз. Даанышман аталарыбыз: «Бөтөн элде султан болгуча, өз элиңде ултан бол», «Алыскынын саманынан, жакынкынын пакалы»- деп айткан калетсиз айтылган сөздөрдө чындык бардай. Карандай суу ичсең да өз мекениңе жетпейт го. Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт болбой өмүр кечирсек кантмек!

Мына ошол элдин шары менен Эмил да Россиянын Москва шаарына келди. Жакшы үмүт, аруу тилек менен ата-энесинин ак батасын алып, курсагын ток, өзүн этият карап жүрүүгө убада берип, бир туугандарынын көңүлүн жайгарып келди. Атасы кыйла эле каршы болуп: «Балам, окууң үзгүлтүккө учурайт! Анын үстүнө өлбөгүдөй эле, эл катары тиричилигибиз бар! Агаларыңдын иштегени да жетет го, уулум!»- деген пикирин билдирди. Делөөрүп, кыялкеч жаны алда кайда алып учуп, көп пландарды түзүп, алтургай аларды оюнда ишке ашырып да жиберген, кыялындагы далай эрдиктер да көз жаздымда калган эмес. Баарын аткаруу үчүн Россияга сөзсүз баруу керек деген ой менен эптеп ата-энесин көндүрүүгө урунуп: «Ата, бир чети жер көрөм, эл көрөм! Өзүңүз айтчу эмес белеңиз атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны»- деп. «Элдин баары кетип жатпайбы! Көрөсүз жакшы иштеп сизге машина мингизем! Апам экөөң менден кабатыр болбогула!»- деп ишенимдүү сүйлөгөн. Ата-эне баласынын таттуу үмүттөрүн кайтарбайлы, көңүлүн сындырбайлы деп макул болушкан.

Москвага келгенден кийин кыйналган жок, жашаарга үйү, иштегенге жумуш даяр экен. Албетте үй дегидей Кыргызстандагыдай ээн эркин заңгыраган эмес, он, он бешине бир бөлмө. Бирок ынтымак, бири-бирине таяныч, жөлөк, бир туугандай мамыр-жумур жашоо. Достору менен бирге нан чыгаруучу цехке ишке орношту. Алгач иштеген жумушчулардын көп экендигине таң калды. Чоң шаар эмеспи күнүнө канчалаган нан керек. Нансыз жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Алгач газга кызарып

бышкан нандарды көргөндө Эмилдин көз алдына айылдагы тандыр элестеди. Апасы нан жабаарда тандыр кызытып берчү, алгач тандыр карарып, акырындап аппак болуп агарат. Кызыгандан кийин чоктордун баарын ортого чогултуп, апасы себетке нандарды салып келип жеңче менен жабыштырат. Бышып келе жаткан нандарга таңыркап карачу. Кызарып бышкан токочтон бирөөнү алып, ысыктыгына колу чыдабай көйнөгүнө ороп анан көчөгө жүгүрүп чыкчу.

Жумушчулардын арасында жергиликтүү орустар аз, болсо да көзөмөлдөөчү кызматтарда, көпчүлүгү кыргыздар экен. Цехте өзүнүн мекенинде жүргөндөй эле элестетип жүрдү. Ал жерде өзүнүн зиректиги, уюштуруучулдугу менен тез эле адамдарга аралашып, алтурсун баарына жагып калды. Элпек кыймылдап, колу бошой калганда башкаларга жардамашып жердештеринин жеңилин жерден, оорун колдон алды. Жумушка өтө эрте келишкендиктен Эмилдин өзүнө жакпаган бир сапаты, уйкучураак эле. Уктап калып кеч калып келген күндөрү да болот. Ойготсо «Кете бергиле, азыр бир аз уктап алайын! Артыңардан эле жетип барам!» кайра чүмкөнүп жатып алат. Канча жолу кеч калып келсе да сөгүш алчу эмес, эмгек акысын да толук алат. Себеби бар, анткени ар бир жумушчуну каттап, жумуш күнүн татынакай, шыңга бойлуу, көгүлтүр көздөрү өзүнө жарашыктуу, узун сары чачтары далысын жаап турган Наташа деген орус кыз коюп турчу. Алардын катарында али келе элек Эмилди да белгилеп, жетекчисине баары түгөл деген маалымат жөнөтүп жиберет. Көрсө кыздын кыргыз жигитине болгон жашыруун сезими бар экен. Аны баары эч ким айтпаса да байкап турушчу. Биринчи эле аны сурайт:

- Эмил келдиби?! Качан келет?! – деп тезирээк эле көрүүнү күн сайын эңсеп турат. Келгенде чычалатып калышат.

- Сага жыргал! Келин бала келбесең деле айлык жаза берет! – деп бирөө айтса. Бирөө:

-Азаматсың, бирок баарыбыздан көп иштейсиң! Орус кыздын жакшы көргөнүнчө эле барсың! – деп калат.

Алгач анча маани бербей эле иштеп жаткан. Өзү да тамашага чалып, Наташа тарапка каш серпип «Силердин келиниңер!..» деп жүрчү, кийин кыз ачык эле Эмилди издеп, сүйгөнүн бетке эле айта баштады. Тамашасы чынга айланып кетүүдөн чочулады, кыргыз жигитинин каны дүргүп ачуусу келди. Бир чети намысчыл жигитке жердештеринин тамашасы шылдыңдай туюлду. Баарына кол шилтеди да жумуштан чыгып кетти.

Башка жумушту тез эле тапты. Өзү сыяктуу жумуш издеп жүргөн жердештери Эрбол, Таалай, Канат болушуп сегиз метр тереңдиктеги жер астындагы суу тосмону тазалоо, сырдоо үчүн ишке орношушат. Ишкананын жетекчиси чачын тасырайта кырган, чочконун майын көп жегендиктенби аябай семиз, өзү жаш эле орус жигит экен. Балдар менен макулдашып айлык акыны жакшы төлөй турган болду. Бирок шарт жок эле. Жер төлө ным, аба шамалдаткычы жок. Суулар менен кошо ар кандай таштандылар ошол жерге агып келгендиктен сасык жыттар да бар эле. Иштен качпаган, карылуу балдар да. Эч нерседен чочулабады. Төртөө улам кезектешип иштеп, акчаны жакшы алышмак болушту. Бул күнү жөн гана жумуш орду менен таанышып, келишим түзүштү.

Эмил квартирага баратып Кыргызстанга телефон чалса, атасы алды:

- Алло! Ата, бул мен Эмил! Жакшы эле угулуп жатабы – деди катуу сүйлөп.

- Угуп жатам, садага! Кандайсың? Денсоолугуң жакшыбы! Иштериң кандай? – деп баласы телефонго акча коротпосун деп шаша сүйлөдү.

- Жакшы, баары жакшы ата! Өзүңөр кандайсыңар?! Апам жакшы жүрөбү? Кыздарчы?!

- Бизден кабатыр болбо! Апаң жанымда, берейинби? – деп жооп күтпөй эле аялына карматты.

- Эмил, уулум кандайсың! Тынчсыңбы? Кыйналсаң келе бер балам! Биз сени сагындык да! Эки күндөн бери

түшүмө кирип калыпсың, бир жериң ооруган жокпу каралдым! – деп жашып кетти.

- Апа, жакшымын! Эмнеге кыйналмак элем! Азыр башка ишке кирдим. Айлыгым жакшы. Кудай буйруса бир аз иштеп акча кылып Оренбургга Афтандил акемин жанына барсам деп жатам, апа – деди.

- Ошентчи кагылайын, бир жерде жүргүлөчү! Кабатыр болот экенбиз! – деп ыйлап жиберди.

- Берчи мага!.. – деп телефонду өзү алды – апаң жашый берет, көңүл бурба балам! Эмне жаңылык!

- Ата, бүгүн Кыргызстанда президенттик шайлоо да! Биз дагы бул жакта элчиликке барып шайлоого катыштык. Курманбек Салиевичке добушубузду бердик. Кыргызстанды оңдойт деген үмүтүбүз бар. Эл мүдөөсүн актаган, акжолтой президент болсун!

- Туура кылыптырсаңар, алыста жүрсөң да патриоттугуңдан жазбапсың, уулум!

- Атамекендин баркына алыста жүргөндө жетет турбайсыңбы! Бул жерде жердештер көп! Бири-бирибизге жардам беребиз! Кыскасы баары жакшы! – деди.

- Макул балам, акчаңды көп кетирбе! Өзүңө сак бол. Деги жакшы эле жерге орноштуңбу? Караңгыда көп жүрбө. Досторуңа салам айт! Акеңдин жанына кел! Бул жердеги бизнести өзүң колго алсаң ишеничтүү болмок, уулум! Келе бербейсиңби бул жакка?..

- Ата, мени тааныгандарга салам деңиз! Айлыгымды алсам эле агамын жанына барам! Ага чейин дагы байланышам го! Кош! – деп атасы койгуча тыңшап турду. Качан атасы трубканы койгондо гана өзү койду. Ата-энеси менен сүйлөшүп, аларга болгон сагынычы артып кетти. Эртең эле туруп жөнөгүсү келди. Бирок куру кол барыштан намыстанды. Жашынан ушундай өскөн да.

***

Москва да чоң шаар. Баардыгынын тиричилиги жердин астындабы деп да ойлойсуң. Анткени кайда барам десең жер астындагы метролорго чыгат экенсиң, тез да,

арзан да жеткирет. Бирок барар жериңи так билбесең адашып кеткидейсиң. Ушундай кыйма-чийме шаарды карап туруп: «Ош шаары Москванын бир районунан да кичинеби?» - деп таң калып жүрдү Эмил.

Аба-ырайы да окшобойт. Ным. Күн часырап тийип турса да Кыргызстандагыдай мээ кайнатып ысыбайт. Сыдырым соккон жел деле кээ-кээде пайда болуп калат. Баарыбир туулган жерге жетпейт тура. Эмил айылдын түтүнүн, козу-улактын ызычуусун, дарыянын шоокумун, тоонун чач уйпалаган желин сагынды. Ширесин куюлтуп коон-дарбыз жегиси келди. Бул жерде эмне жесе да даамын сезбейт. Же ушундай даамсыз болобу. Анан да айылдын чаң көчөсүнөн жыланайлак жүгүргүсү келди. Актайлагын сагынды. Эки күндөн бери түшүнө кирип калыптыр. Түшүндө Актайлак буркулдап алган, кайдадыр өзүнүн түпкү мекенине ашыгып жаткандай. Кандайдыр эрдикке умтулуп, тээ бийик чокуларга жүткүнүп жатыптыр. Чочуп ойгонуп кетти. Жакшылыкка жоруду. Таенеси дайым: «Көргөн түштү жакшылыкка жоруш керек. Түш жооруудан бузулат» деп айтчу.

Күн ысык. Үлп эткен жел жок. Төртөө кызып иштеп жатышат. Сегиз метр тереңдикте таза аба жок болгондуктан улам кезектешип 20 мүнөт аралыкта алмашып иштешет. Анткени көпкө кармалууга болбойт, суу тосмодон чыккан сасык жыт, абанын жетишсиздиги, сырдоо иши болгондуктан, сыр боектогу уулуу заттын зыяны да адамды чыдатпайт. Жанатан бери эки ирет кезек алмашышты. Жер төлөдө сүйлөшүүгө да мүмкүн эмес эриндерин тиштеп, терең-терең дем алып 20 мүнөткө араң чыдашат. Жадагалса, жарык да жетиштүү эмес да. Күндүн нуру такыр эле түшпөйт. Болгону эки лампочканын жарыгы гана араң бүлбүлдөйт. Улам сыртка чыкканда Эмил абадан кана-кана жутуп, жарыкка көзү тойбой суктанып жатты. Экинчи көрбөчүдөй.

Жер төлөдө Эрбол менен Таалай иштеп жатышкан. Канат Кыргызстанга кетип жаткан жердештеринен берип жиберүү үчүн кат жазып жатат. Катын улам сыртка

чыккан сайын улантат. Эмил чалкасынан түшүп, чексиз асмандын кеңдигине сукtanып, жер бети да дал ушул асмандай кең болсо гана, адамдар жер талашып, байлык талашып урушпайт эле да. Каалаганча ээлеп жашай беришмек деп кыялданып жаткан. Аңгыча жер төлөдөн кыйкырык чыкты:

- Жардам! Эмил аба жетпей баратат! – ушул үн араң угулду. Экөө тең чочуп турушуп, жер төлөнү көздөй жүгүрүштү. Аралык кыйла бар эле. Кууш коридорчо, анан тепкич менен жер төлөгө түшүүчү. Эрбол менен Таалай жерде тыбырчылап, араң дем алып жатышыптыр. Экөө тең сөөк-сактуу, чымыр денелүү болгондуктан бирдей алып чыгуу кыйын эле. Экөөлөп Таалайды араң көтөрүп чыгышты, Канат инисинин шалдырап жаткан денесин көрүп, жанын коерго жер таппай калды, жүгүрүп жардамга адам чакырганы кетти. Эмил кең асманды карап, терең бир дем алып алды да Эрболду алып чыгууга шашылды. Акыркы эңсеген эрдиги ушул болчу. Өз өмүрүн түк ойлоп койбой жакшы көргөн акеси Эрболду куткарууну гана ойлоп турду. Башка эч нерсе анын оюну түк келбеди. Жансыз жаткан денени көтөрүп, сегиз метр бийиктиктеги темир шадыга бет алды. Аттиң, максатына жетпеди. Тамагы буулуп, дем ала албай, Эрболду көтөрүүгө аракет кылган колунан каруу кетип, алсырап кулап баратты. Көзү сүзүлүп баратып, эшиктен кирип келе жаткан Актайлакка көзү түштү. Андан жардам сурады. Актайлагы бир бакырып, ынагы болгон Эмилин көздөй желип келе жатты. Акыркы жолу демин алып жатып көз алдына атасынын, апасынын, бир туугандарынын элеси тартылды. Шыбырап бир нерсе дегендей болду. Бирок Эмилдин сөзүн жансыз жаткан Эрболдун денеси, сырдын жагымсыз жыты, анын уусун өзүнө сиңирген жертөлөнүн дубалдарынан башка эч ким уккан жок. Жүзү кубарып, эриндери көгөрүп, шыңга бойлуу дене жерге, ынак досу Эрболдун жанына кулады. Ар дайым эрдикти эңсеген Эмил жансыз жатты.

Эмил башка дүйнөгө келип калгандай болуп, көргөн көзүнө ишенбеди. Караса чоң аталары Шермат, Турдубай, таяталары Касымбек, Артыкбайлардын аппак кийим кийинген элестери жүрөт. Алар небересинин келгенине сүйүнгөндүн ордуна кабактарын түйө: «Артыңа кайтчы, каралдым! Эмне жүрөсүң бул жакта эртелеп?» - дешип жатышкандай. «Эмне үчүн менин келгениме кубанышпайт? Мен эмне, татыксыз небереминби? Мени жаман көрүшөбү? Неге учурашууну каалашпайт? Көрбөсөм да атамдан угуп, улуулугуңарга суктанып, сыймыктанып жүрбөдүм беле?» - деген ойлор келди Эмилге. Бирок сүйүндү, жашоосунда туу туткан, эл оозуна алынган улуу муундарынын бар экендигине. Алар медер болуп, жалгыздатпайт деген ишеним турду. Суунун аркы өйүзүндө туруп, кол булгалап жаткан ата-энесинин «Эмилтай, каралдым! Кайт артыңа! Кайтчы байболгур! Бизди таштабачы!» деген чакыруусу суунун шарында үзүл-кесил угулганда: «Ата, азыр барам! Апа, кабатыр болбоңузчу! Күтө тургула! Улуу ата-тегим менен учурашып алайынчы! Тигинде Актайлагым да жүрөт! Аны минип барып калам! Кабатыр болбогула-а!» - деп карылуу колдору менен үстүндөгү жүгүн түшүрбөскө далалаттанып жатты. Ал эмне жүк эле? Жүктү таштап жеңилденип, жарыктыкка чыгып кетсе болбойт беле? Жок! Мүмкүн эмес эле! Ал жүк адамдыктын, абийирдүүлүктүн ыйык жүгү эле! Жети атадан мурастап келаткан ал касиет калмак беле? «Эмнени эксең - ошону аласың» - демекчи Эмилдин теги таза эле да! Жараткандын буйругу менен, он гүлүнүн бири ачыла элек эр жигит мына ушинтип чын дүйнөгө, ата-бабаларына сапар алды. Боздоп-сыздаган ата-эне, эч бир өчпөс АРМАН калды. Ата-энеге жараткандын дагы бир азаптуу сыноосунан өтүү буйруптур да!

Канат сыртка жүгүрүп чыгып ар кимден жардам сурап жатты. Аларга жакын эле жерде эки орус машина оңдоп жатышкан экен. Камырап да коюшкан жок. Канат адамдардан мындай ташбоордукту көргөн эмес.

Жардамга ошол жакын аралыкта иштеп жатышкан орустардан бирөөсү келди. Эсине келген Таалай сыртта онтоп, кусуп жатыптыр. Аны ооруканага алып кетишти. Алар жер төлөдөн Эмил менен Эрболдун жансыз денесин алып чыгышты. Канат жана эле таттуу кыялдарын айтып, алтурсун созолонтуп ырдап, шарактап олтурган жердештерин жоготуп алганына, алардын үнүн экинчи ирет уга албасына ишенбей, аларды кайра-кайра тарткылап, «Эмил! Эрбол! Тургулачы, боордоштор!» деп кыйкырып жатты. Эмилди жалгыз таштап кеткенине, бир тууганынын жанын ойлоп эгоистик кылганын өмүрү кечире албастыгын ойлоп алсырап турду! Абийир соту кыйнап турду! Кантсе да кыргыз тукуму да! Өкүрүп-бакырып чарчаганда өзү да эсин жоготту.

***

Төөлөрдөн бөлүнгөн Актайлак тээ Бозбу Тоосунун чокусун тиктейт. Көзүнөн мөлт-мөлт эткен кадимкидей жаш чыгат. Айбан да болсо жүрөгү эзилип, тагдырлашын сагынып, боздоп жиберди. Оозунан көбүк чыгып, туягы менен жерди ойгулап, башын чулгуп-чулгуп алды да кайдадыр чуркап жөнөдү. Өмүрүндө тоонун бийигине чыкпаган, төөлөргө түз жерде жүрүү гана буйруганына карабай тоону өрдөп жөнөдү. Таштарды туяктары баса албай тайып жатты, денелери кырлуу таштарга тилингенине да кайыл. Бийиктикти багындыргысы, эңсеген максатына жеткиси келди. Кандайдыр бир улуу эрдикти эңсеп жатты. Алыска, өз ата-бабалары мекендеген мекенине жетүүгө ашыгып жаткандай. Жетти. Бийик аскага жетти да, буттары жерден көтөрүлүп, каалгып канаттуудай учуп баратты. Бийиктиктен өргүп жаткан мекендештерин көрдү. Кадырыгы түтөп, толкунданып баратты! Моюн алыша жети атасынан берки муундарга эркелегиси, аларды издеп тапканына мактангысы келди! Алардын чөгүңкү маанайларына маани берген жок! Ана, бармактайынан бирге өскөн Эмилди көрдү! Көптөн бери көрүшпөй

сагынышкандыктан бирин-бири көздөй утурлай чуркап баратышат. Ынагы Эмилин мингизип, улуу тоолорго чыгууну эңсеп баратты. Өзү эңсеген эрдикти жасады… Актайлактын жансыз денеси тектирдеги корум таштардын жанында жатты. Нарыдан көз жашын көлдөтө буркулдаган төөлөр чуркап келатты…

***

Алмаз түшүнөн чочуп ойгонду. Денеси кара терге түшүп, көз жашка жаздыгы да жуулуп калыптыр. Капысынан эсине көргөн түшү кылт этти. Канчалык эстебейин десе, тынчтык бербеди. Түш? Ооба, коркунучтуу түш эле!

Түшүндө айсыз караңгыда жалама зооканын боорунда жүрүптүр. Аңгыча ошол арадан капкара болгон ылайка суу пайда болду. Тим эле күркүрөп агып жатат. Көргөндүн үрөйүн учурат. Ошол суудан тайызыраак, кечүү издеп жөнөдү. Эптеп аркы өйүзгө өтүп жол издөө. Бир убакта кыйкырык чыкты, караса суунун үстүнө улам кирип-чыгып баласы Эмил баратат. Атасына жалооруп тиктеп, колун созот. Эптеп куткарса дейт. Чебелектеп баласынын куткаруу үчүн бир топ жерге чейин чуркап барды. Сууга бой таштап эми куткараарда дайра экиге бөлүндү да, ата-бала эки башка тарапка агып кетишти. Канчалык аракеттенбесин катуу суу эпкининен алсыз болуп калды. Баласын жоготуп алыштан чочуп, кыйкырып жатып ойгонуп кетти. Кара терге түшүп кыйналып калыптыр. Кепме келтирип, жаратканга жалынып-жалбарып, баласынын амандыгын тилеп жатты. Бирок кеч болуп калганын кайдан билсин, бечара!

Көргөн түшү эсинен кетпей жумушунда көңүлсүз отурганда Москвадан телефон чалып, кайгылуу окуяны угузушту. Кабыргасы кайышып, бир топко нес болуп, боздоп жатты. Кайда басарын, эмне кадам жасарын билбей дал болду. «Кыз болсо да кайгымды бөлүшөйүн! Кантип апасына угузарды кеңешейин» - деп,кызы иштеген

мекемени көздөй алсыз баратты! Ичи өрттөнүп, бугу ичине сыйбай, муңканып жалгыз баратты!

***

Аргымак элең талбаган,
Жытыңа кумар канбаган.
Колумда каруум, медерим,
Ары жок ажал жалмаган.

Калдайган Бозбу этеги,
Бозоргон туман болбой кал.
Башымды салып күйүткө,
Боздоткон өлүм оңбой кал.

Буйлалуу атан жыгылса,
Бел болор уулум бар эле.
Артыкча туулган атадан,
Жароокер асыл жан эле.
Керege жайып улаарда,
Келин бир алып дууларда.
Уук уучтап улаарда,
Уулумду үйлөп дууларда.

Азапка салдың ач ажал.
Ашыгып жолду карасам,
Арыштап келээр балам жок.
Денеңди көрдүм кыймылсыз,
Балам, элесиң бар да караан жок.

Баладан мени бөлбөй кал,
Ары жок ажал оңбой кал.
Ажалга түрткөн балдарды,
Эгерим эки болбой кал.

Көзү ачык кеткен ардагым,
Көтөрөм башка салганын.

Кантейин тилейм каралдым,
Өмүрлүү кылсын калганын.

Агаңа тирек болоордо,
Толкундап, ташып толоордо.
Оо дүйнө кеттиң каралдым,
Бош калды тактын конорго.

Карындашың агалап,
Алдыңдан тоспой калдыбы?
Жаманды көрбөй ач ажал,
Актайлагым алдыбы?

Толкуну улуу суу болсо,
Тосоорго алым калган жок.
Мөгдөп бир калдым күчүгүм,
Апаңда калган дарман жок.

Олтурган ордуң бош турат,
Айласыз кошок коштурат.
Сен гана жоксуң жанымда,
Ага-тууган, дос турат.

Эртелеп турсам шамал жок,
Эсимде турат айлам жок.
Саар турсам шамал жок,
Санаамда турат айлам жок.

Баласынын күйүтүнөн үнү бүтүп, мөгдөп жаткан Эмилдин апасы Карачачтын кошогу ат чабым жерге чейин ушинтип угулуп жатты. Ата байкуш аялдардай кошок кошо албаса да, эт жүрөгү эзилип жерге берген уулунун элеси көз алдынан кетпей, кимдир бирөөнү кектеп, аталык ыйык сезими тынчтык бербей жатты. Жараткандын эркектерге берген сабырдуулуктун касиетинен чыдады. Калгандарын, аялын аяды. Болбосо

ааламды жарып буркурап, боздоп ыйлап кирмек тынбай. Буурадай кирип бугун чыгарып алмак!

Кечээ эле телефондо кабарлашып, «Буйруса күздө барам! Сагындыңбы? Мен дагы сени сагындым!» деп кусага толгон сөздөрүн айткан Эмилинин бул жарык дүйнө менен кош айтышканына Гүлзат ишенбей турду. Айласыз тагдырдын жазмышына көндү, айла канча үйүнө барып буркурап боздоп, ата-энесинин, бир туугандарынын санаасын бөлүшкөнгө акысы жок болсо? Никелеп алган жары эмес да! Ичинен өксүп, ыйлады. Жок дегенде жансыз денесин көрүп калгысы келди… Түн терметип сүйгөнүн жоктоп, аза күтүп отурду жалгыз…

Досторунун абалын айтууга эч кимдин сөзү жетпес. Көздөрүнөн аккан салаа-салаа жаш менен Эмилди жоктоп жатышты. Боздоп, буркурап кечээги Актайлагынын буйласын кармай албай муңайып турушту. Тагдырдын жазмышына булар да көнүүгө аргасыз болушту. Кантишсин анан? Шум ажалды жеңген барбы? О дуйнөдөн келмек барбы? Кеңеш берчү сөзү белен, көсөмдөрдөй ою терең досунан айрылуу аларга оңойго турган жок. Кечээ эле узатышып, маанилүү маектешип, келечектен көп үмүттөндүргөн досу минтип отурса…

Уккан адамдын каңырыгы түтөп, ботосунан айрылган төөнүн абалын көз алдыларына элестетишти. Анткени, Эмил эрдикти эңсеген Актайлак эмес беле, оо арман дүйнө!.. Ботосунан айрылган боз нардай болгон атасы кайратын жыйнап, алдыда баласынын арбагы үчүн жасалуучу аталык парзын аныктап жатты… Баласынын арбагынын астында аталык парзы бүтпөгөнүн, эми башка формада улантыларын акылдуу жан билип турду, сезип турду! Аны аткарбаса абийир уктатпашын туйду. Нечен кыйынчылыктарда жеңип келгенин, эми да жеңээрине ишенип, каардуу кабагынын астынан кайгылуу өкүнүчтүн изи түбөлүккө калса да, кайраттан кетпей ишенимдүү баратты… Кайда? Эмнеге? Ал өзүнө гана маалым…

# ЭПИЛОГ

Чыгарманы ушинтип бүтүрдүм. Менин алгачкы проза майданындагы калем сынашым болгондуктан окурмандар баа берээр. Дараметимдин жетишинче даректүү окуяны көркөм чыгармага айландырууга аракеттендим. Ушул тууралуу жазып жатканымды айрым адамдарга айттым, ой бөлүштүм, пикир сурадым. Беш кол барабар эмес да! Кээ бирөөсү «Эми бул жөн эле турмуштук окуя да? Ушуну деле эрдик дей берсе, анда эрлер толуп кетет го?» - деп айтты. А мен ага кошулбадым. Мына ушундай оош-кыйыш, ар ким өз көмөчүнө күл тарткан, өзүм өлбөйүн деген заманда ким ушундай эрдик жасайт? Эрдик деген эмне? Эрдик – куру-кыйкырык, куу сүрөөн эмес! Элди бийликке каршы үндөп, тополоң чыгаруу эмес! Жеке бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн, жакшы иштеп жаткан адамды кызматынан оодара тартуу эмес! Байлыгын батыра албай кафе-ресторан салып, арам акча табуу эмес! Кадыр-барк, атак-даңк үчүн атасына аш берип, баласына той өткөрүү эмес! Кожо көрсүн, эл көрсүн үчүн ажылык сапарга аттануу эмес! Карылуу денесин пеш тутуп, ар кимди тоноп өлбөстүн күнүн көрүү эмес! Элди жеп ичкендерге жансакчы болуу эмес! Күнөөсүз адамды каралап жаза тартуу эмес! Адамдардын укугун «коргомуш» болуу эмес! Булардын баары АДАМДЫК улуу атты булгайт! Эрдик – мына ушул мекендешин куткарган, экинчи мекендешин куткарууга аракет жасап жатып көз жумган Эмилдин эрдиги! Кана кимибиз азыр ошондой эрдик жасай алабыз? Бөтөн бирөө үчүн өз жаныбызды садага чаба алабызбы? Мен да, башкалар да? Анан эрдик эмне экендигин түшүнбөй сүйлөгөн сөзүбүздү кара!

Мына ошондой ойлордун кучагында жүрсөм Эмилдин атасы Аваз Шерматов агай телефон чалып калды:

- Алло, Кыялбек, иним кандайсың? – деди салмактуу сүйлөп.

- Жакшы, Аваз агай сизби?! Иштериңиз жакшыбы?

- Рахмат, иним. Убактың кандай? Жолуксак болобу? – деп калды. Менин да жолуккум келип турган. Анткени дагы көбүрөөк маалыматты билгим келди.

- Макул, кайсыл жерде жолугабыз? – дедим.

- ОшМУнун борбордук китепканасынын жанындагы «Атилла» деген кафеде күтүп турайын... Келе кал, иним.

Барсам столдо өзү жалгыз олтуруптур. Ордунан туруп, жылуу саламдаштык. Агай жөнүндө терең маалыматты да ушул жерде алдым. ОшМУда орус тили кафедрасында ага окутуучу болуп иштейт экен. Адабиятка жакын, сөзмөр киши экендигин да баамдадым. Эмил да атасындай сөзмөр болсо керек деп да ойлоп койдум. Агай сөз баштады:

- Эмилим жөнүндө кандай сага керектүү маалымат болсо сура. Жооп берейин. Жазганыңда керек болоор.

- Агай, Эмил жөнүндө акыйкат чечимди кантип чыгарышты. Сиз кандай иш аракеттерди жасадыңыз? Ушулар жөнүндө айтып берсеңиз?! – дедим. Сумкасынан бир нече кагаздарды алып чыкты.

- Бул кагаздар ошол сотко чейинки, сот процессиндеги тиешелүү кагаздар. Эмгек эрежелерин так сактабай, шарт түзбөй эки азаматтын өлүмүнө себепкер болгон орус кожоюндун үстүнөн Москванын Тимирязев райсотунда иш каралып, күнөөкөр күнөөсүн мойнуна албай шарттуу кесилген. Жеңилдетилген чечим чыгарган. Мен буга канааттанбадым. Эки жарым жылдан кийин каражат топтоп, үй-бүлөмдүн каршылык көрсөткөнүнө карабай, аталык сезимим алып учуп, аталык парзымды аткаруу үчүн Москва шаарына барып, доо арызы менен кайрылдым. Балким акыйкаттык ачылбай калмак, эгерде республикабыздын Жогорку кеңешинин вице-спикери Кубанычбек Сатындыевич Исабеков, Ибрагим Кожоназарович Жунусов, ЖКнын спикери Адахам Мадумаров, КРнын Тышкы иштер министрлигинин орун басары Аскар Бешимов, КРнын акыйкатчысы, Башкы прокуратура жардам бербесе. Орусиядагы

Кыргызстандын элчилиги киришпесе, Орусиянын Думасы жана Генералдык прокуратуралары көзөмөлгө албаса. Ушулардын жардамы менен кайрадан Орусиянын атуулу Ю. Жуков үч жылга эркинен ажыратылды. Алгач барганымда мени да кысымга алышты. Менин үстүмөн доо арызын жазышты. Сабаттуулугумдан, аталык сезимимдин күчтүүлүгүнөн жеңишке жетиштим. Минтип айттым: «Бир жыл мурун Орусиянын телеканалында итке байланышкан окуяны көрсөттү. Жолбун итти өлтүрүп койгон милиция кызматкери жоопко тартылып, ээсине компенсация төлөп берип, ит өлгөн жерге атайын мемориалдык тактасын орнотушту. Эмне, Кыргызстандын эки атуулу, москвалыктардын бир кабаган итинче жокпу? Же силер башка улуттарды «экинчи сорт», «каралар» деп эсептейсиңерби? Адам укугу деген корголобу силерде?»- дедим. Эч нерсе кыла албасына көзү жеткен соң сот процессин башташты – деп мукактанып, жашып кетти.

Кантсе да чынардай болуп өсүп келе жаткан баласы Эмилге болгон чын сүйүүсүн далилдеп, көгөргөн көктүккө, болгон билим дараметинин натыйжасында атасы адилеттүүлүккө жетишип, баласынын арбагынын алдында аталык абийирин далилдеди.

Анан бир кагазды алып көрсөттү. Окудум, акын Куштарбек Кимсановдун жазган «Уулунан айрылган атанын арманы» деген ыры экен.

I.

Бүт айланам айланып кара казанга,
Түн боюу кээде уктабай чыгам азанга.
Боорукер эле, жардамчыл эле бир кыйла,
Ал адаты аздык кылды ажалга...
Ордуна келбейт азапка түш, канча ыйла,
Арга жок бейм - шүмшүк өлүм тажаалга.

Жылдызы жанган, мээрими чексиз бала эле,
Кайрылбас болду, жанымда жүргөн жана эле.
Кайгыда калып, үшкүрүктү оор салдым,
Үйлөп коюп келиндүү болсом кана эле?.
Башканын баарын унутсам деле, баарыбир,
Баламды чындык унутпай жашайм дегеле.

Тил билги болчу – жөө эмес балким «атчандыр»,
Күнөөсүз болчу - жаннат таңы аткандыр…
Жаш кезде кеткен аз болот, уулум байкушум,
Жанжолдош таппай жалгыздык менен баскандыр.
Кантсе да күйөм, армандуумун арылгыс,
Топурак – шерик, жуурулушуп жаткандыр.

Аргасыз жашайм, сен элең уулум, ак таңым,
А кезде менин булутсуз болчу асманым...
Буулугуп турам, кубаныч тоосу кулаган,
Сен менен кошо кетиптир менин бүт шаңым.

## II.

Жаткан жайың топурак,
Айланып барсам чыкпайсың.
Арманга арман кошулат-
Атаңдын үнүн укпайсың.
Көйгөйгө калсаң туш болуп,
Ал жакта кимге ыктайсың?!

Кубаныч кетип алыстап,
Кулагым шаңсыз чурулдайт,
Кучактап көпкө тургум бар,
Арга жок, асман-көк ыйлайт.
Кыйлага тыңшайм сүйлөөр деп,
Кулунум, үнүң угулбайт...

Жашоонун арман-азабы,
Баламды кайрып бербейсиң.
Билсем да тынчып туралбайм,
Баарыбир кайтып келбейсиң.
Атам дейт элең эркелеп,
Ал жакта эми ким дейсиң?!

III.

Өзүң жок эми жыттаарга,
Эстетип кийим-эскиң бар.
Жолугаар жай чын болсо,
Мен деле ылдам кетким бар.

Сен элең шаттык булагым,
Зыңылдайт кээде кулагым.
Дем берген уулум жок үчүн,
Ден соолук келбейт сурагым.

Көтөрүп жүрүп чоңойтуп,
Кем кылбай багып торолтуп.
Келиндүү болоор кезимде,
Кантейин, алдым жоготуп.

Алтыным, Сенин өлүмүң,
Жүрөккө тийген ок болду.
Кубанычты мындай кой,
Кубатым кошо жок болду. – деген саптарды жазыптыр.

- Таланттуу жигит экен, окуп бергенде ыйлап да жибердим. Чындыгында менин дилимдегини, айталбай, сыртка чыгара албай жүргөн бугумду жазыптыр. Өмүрлүү болсун! – деди.

Бираз отургандан кийин дагы бир кагазды берди. Алып окусам таланттуу Аксы элинин актандай акыны, аяш атасы Абдырайым (Тынарбек) Керимбековдун

«Туйгун эле» деген Эмилге арналган эскерүү ыры экен. Шурудай тизилген ыр саптарында төмөндөгүдөй жазыптыр:

Туйгун эле Бозбудан канат каккан,
Жер соорусу Аксыдан түнөк тапкан.
Баралына барганда тулпар болмок,
Кууса жетпес дүңгүрөп беш жүз атчан.

Акылы артык тубаса зирек эле,
Ата-энеге, тууганга тирек эле.
Классташты, курсташты, кары-жашты,
Бир боорум деп ар дайым билээр эле.

Ой максаты чабыттап көктө болчу,
Өжөр эле бүркүттөй өрткө кончу.
Кажыбаган кайраты, асылдыгы,
Карап турсаң карекке шексиз толчу.

Жаш жүрөк ширелишкен билим менен,
Жалтанбас жылдар өттү, билинбеген.
Сезими аппак, назик көпөлөктүн,
Сергитип канатындай дирилдеген.

Ал жылдар артта калып арман болду,
Асынган ак куржунга арман толду.
Аксылык шумкар мүмкүн өлбөс беле,
Аттиң ай тандаганда башка жолду.

Чыйралган мөлтүр тунук үмүт менен,
Чиркин ай кандай таттуу үмүт деген.
Чырпыктын угуп алып кыйылганын,
Ичим чок, сыртым жалын күйүп келем.

Ал туйгун жашап турса болбос беле,
Арман ай жыйырма бешке толбос беле.
Ким билет, кантсе дагы шейит кетти,
Адамдан чанда чыкчу жолборс эле.

Манастын арбагына сыйындыңбы?
Макталат эр жигиттин кыйындыгы.
Өмүрүн досторуңдун сактаймын деп,
А өзүң тал чыбыктай кыйылдыңбы?

Эскерет сени дайым кыргыз калкы,
Эскерүү эзелтеден кыргыз салты.
Калсын деп урпактардан урпактарга,
Эрдикти даңазалоо элдин парзы.

Арбакты сыйлап жазыш парзым дедим,
Ар кимде боло бербес мындай сезим.
Кайгысын ата-энеңдин тең бөлүшүп,
Кабыргам кайышкансып турган кезим.

Аксыдан чечен чыккан, акын чыккан,
Көз көрүп, а көбүнүн атын уккам.
Айрылып алты уулунан ок да жеген,
Айлансам аздык кылар аксылыктан.

Жүз жайнап кыл чылбырды кырча-кырча,
Жүрөгү Авазбектин бырча-бырча.
Кайратың кабылан шердей бар эле го,
Кантесиң, чыдайсың да Кудай кылса.

Мендеги асыл ойлор, аруу тилек,
Баратат улам алга, толкун жиреп.
Көшөргөн көктүгүмө тан бергендей,
Калемим кагаз булгап тилге кирет.

Жүрөгүң күйүп тепчип жүз арбалып,
Телмирген сүрөтүңө жүз жалбарып.
Актайлагым, кулунум деп баккан Энең,
Ок жеген канаттуудай бүгүн карып.

Жараткан башка мүшкүл салбаса экен,
Эч бир жан «балам ай» - деп калбаса экен.
Айла жок алгандарын алып кетти,
Калганын кудай өзү жалгаса экен.

Эч кимди баласынан айрыбасын,
Укканда жүрөк сыздап кайгырасың.
Көзүңдөн жаш кылгырып түшүнөсүң,
Өмүр менен өлүмдүн айырмасын.

Эрдикти жасай бербейт ар бир адам,
Жигиттин жигиттери таштайт кадам.
Укканда ушул ырды үмүтүм чоң,
А балким жардам болор жогор жактан.

Максаты көлдөй чалкып, көлдөй терең,
Кем чыгаар, кыргызымдай сендей берен.
О, Эмил, тирүү турсаң садагасы,
Кандидат, мүмкүн доктор болор белең?!

Пайда жок асыл жанды кыйнагандан,
Пайда жок жүрөктү эзип ыйлагандан.
Иничек, жаткан жериң жайлуу болсун,
Ыр жаздым арбагыңды сыйлагандан.

Маектешип олтуруп аталык парзын өтөп жаткан Аваз агайга ыраазы болдум. «Эмил-Шер» деген коомдук фонд ачып, келечек муундар үчүн кайрымдуулук иштеринин алгачкыларын баштап жатыптыр.

Бапырап сүйлөп отурду. Уучу кур эмес экен, эки уулу Автандил менен Нурадил очор-бачар болушуп, кызы Рада менен күйөө баласы Мурат Стамбулда жашашат экен. Эң кенжеси Нурзаада 8-класста окуп, жубайы шаардык мектепте үзүрлүү эмгектенип жатыптыр. Эл агартуунун мыктысы экен. Ушулардын өмүрүн берип, Аваз агайдын үйүн толтуруп жүрө беришсинчи! Ал эми Эмил жөнүндө айтаар сөздөр көп. Кийинки муундар үчүн патриоттук чоң

духту калтырды анын элеси. Айрым адамдар үчүн ушул жашоодогу сабак болду, эгер билишсе. Руханий байлыктан материалдык байлык үстөмдүк кылган мезгилде. Акылман элимдин бул түшүнүктөн арылып, ата-бабалардан мурастап келген руханий байлыктын үстөмдүгүнө келерибизге шектенбеймин!

Чыгарманын аягында айтаарым, Адамдыктан, абийирден, ата салттан кетпесек! Эрдик эскирбейт! Арамдык жукпайт, адалдык сынбайт. Биримдик жана таалим-тарбия түбөлүктүүлүктү камсыз кыла алат! Эрдик эңсеген Актайлакты эл эскерсин!..

Ош шаары.
10-май, 2008-жыл.



Кыялбек Акматов

*Эч качан эч бир ата-эне*
*балам деп ыйлабасын.*
*Эрдик эңсеген Актайлактарды*
*эл даңктасын!*



Эмил-Шер

Урматтуу окурман!
Эгерде Сиз бул китеп боюнча ой-пикир бөлүшүңүз келсе,
анда төмөнкү дарек боюнча кайрылышыңыз мүмкүн:


"Эмил-Шер" коомдук фонду
Ош шаары, А.Масалиев проспекти, 94/3
Тел.: (03222) 24191, Моб.: (0777) 280024, E-mail: avan-sher@mail.ru